# МУНИЦИПАЛИТЕТ

ИЛИМИЙ-ПОПУЛЯРДУУ ЖУРНАЛ | МАРТ 2016 | № 3 (52) чыгарылышы

Муниципалитет – бул аймактын,
ал жерде жашаган калктын жана ЖӨБ органдарынын үчилтиги

## БУЛ САНДА:

### Көңүл чордонунда

Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишин текшерүүнү жүргүзүү тартиби жөнүндө ........ 2

### Мыйзамдагы жаңылыктар

Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө ........ 5

Табигый дарылык ресурстар, дарылоо-ден соолукту чыңдоочу жерлер жана курорттор жөнүндө ........ 5

Балдардын иши боюнча комиссия тууралуу Типтүү жобо ........ 6

### Юридикалык консультация

Менчик жана жерлер тууралуу ........ 6

Ветеринар тууралуу ........ 8

### Жарандардын катышуусу

Айылдык ден соолук комитеттери – туруктуу жана натыйжалуу жарандык институт ........ 9

Ак-Коргон айылындагы АДК: беш жүздөн ашык киши таза сууга жетти ........ 11

Кош-Дөбө айылындагы АДК: караңгы көчөлөр өткөн чакта калды! ........ 12

Манас айылындагы АДК: чакан жеңиштер – чоң жетишкендиктер ........ 14

Сары-Ой айылындагы АДК: спорт аянтчасы жана жаңы конуштарга электр жарыгын өткөрүү ........ 15

Совет айылындагы АДК: спорт аянтчасы, муз аянтчасы жана жарык көчөлөр – жашоо оңоло баштады ........ 17

Шор-Булак айылындагы АДК: мектептеги балдар таза сууга жетти ........ 19

### ЭҮЖӨБОЖ Долбоорунун жаңылыктары

Чүйлүктөр артыкчылыктуу долбоорлорду тандап алышты ........ 22

Чүй облусунун муниципалитеттеринде 2015-жыл үчүн бюджеттин аткарылышы боюнча коомдук угуулар ........ 25

Жамаат менен жергиликтүү бийликтин биргелешкен аракеттерин пландоо ........ 25

### ӨСИ жаңылыктары

Улуттук жана жергиликтүү өнүктүрүү программаларынын ортосундагы ажырымды кантип жоюуга болот? ........ 31

Негиздөөчү жана басып чыгаруучу
***Өнүктүрүү саясат институту (ӨСИ)***

Башкы редактор, ӨСИ башкаруучу төрайымы
***Надежда Добрецова***

Аткаруучу редактор
***Лариса Ли***

Кыргыз тилиндеги котормонун редактору
***Нургүл Жаманкулова***

Дизайн жана жасалгалоо
***Адиль Абдраимов***

Кыргыз тилине которгон
***Зейнеп Алтымышова***

Журнал автордук макалаларды кабыл алат жана муниципалитеттерге даректелген акысыз жарнактарды жайгаштырат.

**Журнал акысыз таркатылат,** бирок ӨСИ акы төлөп жазылууну уюштуруу укугуна ээ. Журналдагы макалалар басып чыгаруучу тараптын жана анын өнөктөштөрүнүн көз карашын сөзсүз эле чагылдырбайт. Макаланын мазмуну үчүн жоопкерчилик авторлорго жүктөлөт.

**Бардык суроолор боюнча төмөнкү даректер аркылуу кайрылыңыздар:**
**почта** – 720001, Кыргыз Республикасы, Бишкек ш., Үмөталиев көч., 108, Өнүктүрүү саясат институту, «Муниципалитет» журналынын редакциясы;
**электрондук** – office@dpi.kg
nadya.dobretsova@gmail.com

**Телефондор:** (0312) 97-65-30 (31,32,33,34)
**Факс:** (0312) 97-65-29

Журналда Өнүктүрүү саясат институтунун кызматкерлери тарткан жана Интернеттен алынган сүрөттөр пайдаланылды.

Массалык маалымат каражаттарын каттоо жөнүндө күбөлүктүн каттоо номери 1785.

**ISBN 1694-7053**

# Текшерүүлөр регламенттелет!

## ЖӨБ органдарын көйгөйлүү маселенин чечилиши менен куттуктайбыз!

***Бир нече жылдан бери бардык деңгээлдеги ЖӨБ органдарын иштин ыргагына жана сапатына олуттуу таасирин тийгизген көйгөй жүдөтүп келген – көп сандагы, адатта бири бирин кайталаган жана алтынга тете убакытты алган ТЕКШЕРҮҮЛӨР. ЖӨБ органдарынын үнү КР Жогорку Кеңешине жана КР Президентине жетип, мындан ары текшерүүлөр регламенттеле турган болду! Өнүктүрүү саясат институту бул мыйзамдын иштелип чыгышын колдоп келген жана мамлекеттик бийликтин ушундай маанилүү чечими менен ЖӨБ органдарын куттуктайт!***



## "Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын иштерин текшерүүнү жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамын Жогорку Кеңеш 2016-жылдын 18-февралында үчүнчү окууда кабыл алган жана 2016-жылдын 1-апрелинде Кыргыз Республикасынын Президентинин кол коюусуна жиберген

Аталган Мыйзамдын демилгечилери: КР Жогорку Кеңешинин депутаттары К. С. БОКОЕВ, Н. В. НИКИТЕНКО, А. О. КУТУШЕВ, А. Г. БЕКМАТОВ, Ч. А. ТУРСУНБЕКОВ, Э. А. КОЧКАРОВА, М. Ю. АБДЫЛДАЕВ, М. А. РАСУЛОВ, Б. Э. ТӨРӨБАЕВ, Н. А. КАСЫМБЕКОВ, К. С. ДЫЙКАНБАЕВ, А. К. КОЧКОРБАЕВ, М. И. БАКИРОВ, Т. МАДЫЛБЕКОВ, У. К. НУРКУЛОВ.

ЖӨБ органдарынын ишин көзөмөлдөө жана текшерүү жаатындагы учурдагы практика коррупцияны болтурбоого, санын азайтууга эмес, жазалоого багытталып, ЖӨБ органдарынын жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүү боюнча өз функцияларын сапаттуу аткаруусуна жана калкка сапаттуу кызмат көрсөтүүсүнө бут тосуп келатат.

Дээрлик ар бир жолугушууларда ЖӨБ органдарынын өкүлдөрү мамлекеттик контролдук-көзөмөл органдары тарабынан системага салынбаган, башаламан, көп учурда эч негизсиз текшерүүлөр жүргүзүлүп жатканын айтышат. ЖӨБ органдарынын кызматкерлери текшерүүлөрдүн саны өтө көп болуп, алар бири-бирин кайталап, текшерүүнүн так жол-жоболору жана регламенттери болбогонун,

мөөнөтү аныкталбаганын, ошондой эле ак ниетсиз текшерүүчүлөр тарабынан кызмат абалынан кыянаттык менен пайдалануу болуп жатканын белгилешет. Албетте, бүгүнкү күндө ЖӨБ органдарын текшерүү системасы өзгөчө көңүл бурууну талап кылууда. ЖӨБ органдарын текшерүүнү тартипке келтирүү жана мыйзамдар менен жөнгө салуу зарылчылыгы бышып жетилди. Анткени мындай башаламан системанын кесепеттери барган сайын курч терс мүнөзгө айланууда.

ЖӨБ органдарын текшерүүнү жүзөгө ашыруу чөйрөсүндө орчундуу көйгөйлөрдүн негизги себептери төмөндөгү факторлор менен шартталган:

1) ЖӨБ органдарына текшерүү жүргүзүүнүн бирдиктүү мыйзам тарабынан жолжоболоштурулган тартибинин жоктугу;

2) ЖӨБ органдарынын иш-милдеттеринин жана ыйгарым укуктарынын чөйрөсүнүн негизсиз кеңейтилгендиги;

3) мыйзамдарды бузууга жол бербөө боюнча алдынала чараларды белгилөөгө багытталган ЖӨБ органдары менен мамлекеттик органдардын тыгыз өз ара аракеттеринин жоктугу;

4) ЖӨБ органдарынын кадрдык курамынын потенциалынын начардыгы.

Кабыл алынган Мыйзам мамлекеттик органдар тарабынан ЖӨБ органдарынын ишин текшерүүнүн бирдей тартибин белгилөө, ЖӨБ органдарынын мыйзамдарды сакташын камсыз кылуу жана мамлекеттик органдардын алардын иштерине мыйзамсыз кийлигишүүсүнөн жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын укуктарын жана кызыкчылыктарын коргоо максатын көздөйт. Анын үстүнө Мыйзам текшерүүчү мамлекеттик органдарга мыйзамдарды бузууну аныктоо, алдын алуу жана болтурбоо максатында ЖӨБ органдарын текшерүүнү гана эмес, ошону менен бирге мыйзам бузууларды болтурбоо жана алардын санын кыскартуу боюнча ЖӨБ органдарына методикалык жана практикалык жардам берүү милдетин жүктөйт.

Мыйзам өзгөчө ролду прокуратура органдарына жүктөйт: мамлекеттик органдар жүргүзгөн пландык жана пландык эмес текшерүүлөрдү макулдашуу, ошондой эле текшерүүнүн бардык түрлөрүнө бирдиктүү эсеп жүргүзүү. Бул болсо ошол текшерүүлөрдү көзөмөлдөп, аларды жакшыртуу үчүн сунуштарды берүү үчүн зарыл. Башкы прокуратурага Мыйзам күчүнө киргенден тартып бир айдын ичинде төмөнкүлөрдү жасоо тапшырылат: 1) ЖӨБ органдарынын пландык жана пландык эмес текшерүүлөрүн макулдашуу механизмин иштеп чыгуу; 2) прокуратура органдары тарабынан жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын иштерин текшерүүнүн бардык түрлөрүнүн бирдиктүү эсебин жүргүзүү тартибин кабыл алуу.

Мыйзамдын корутунду жобосунда КР Өкмөтүнө Мыйзам күчүнө киргенден кийин бир айдын ичинде КР Жогорку Кеңешине бекитүү үчүн төмөнкүлөрдү киргизүү тапшырылат:

1) ЖӨБ органдарынын ишин пландык жана пландык эмес текшерүүнү, контролдук текшерүүнү жана кайра текшерүүнү ишке ашырууга ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдардын тизмесин;

Ошондой эле антикоррупциялык иштер боюнча чараларды жүзөгө ашыруунун алкагында кабыл алынган Мыйзам менен жылдык пландарды жана текшерүүлөрдүн жыйынтыктарын милдеттүү тартипте Башкы прокуратуранын расмий сайттарында жана тиешелүү текшерүүчү мамлекеттик органдардын сайттарында жайгаштыруу, ЖӨБ органдарын текшерүүнүн жыйынтыктарын (актгарды) ЖӨБ органдарынын расмий сайттарына илүү, ЖӨБдүн аткаруучу органынын текшерүү актысында жазылган эскертүүлөрдү жана мыйзам бузууларды жоюу боюнча жергиликтүү кеңештин депутаттарынын алдында отчет берүүсү каралган.

Жалпысынан Мыйзам ЖӨБ органдарынын ишин текшерүүгө байланышкан мамилелерди жөнгө салат жана төмөнкүлөрдү белгилейт:

- ЖӨБ органдарынын ишин текшерүүнүн принциптерин жана чектөөлөрүн;
- текшерүүлөрдүн түрлөрүн,
- ЖӨБ органдарынын ишин текшерүүнү уюштурууда бирдиктүү тартипти жана жолжоболорду;
- текшерүүлөрдү жүргүзүүнүн мөөнөттөрүн;
- текшерүүлөрдүн предметин жана жүйөсүн;
- пландык жана пландык эмес текшерүүлөрдү прокуратура органдары менен макулдашуунун тартибин;
- жүргүзүлгөн текшерүүлөрдүн жыйынтыгы тууралуу маалымдоонун тартибин;
- текшерүү маалында тараптардын укуктарын, милдеттерин жана жоопкерчилигин;
- жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын укуктарын жана мыйзамдуу кызыкчылыктарын коргоо боюнча чараларды.

Жергиликтүү өз алдынча башкаруу контролдук-көзөмөл органдарынын административдик басымынан зыян тартпаш керек. Текшерүүлөрдүн жана суроо-талаптардын ашыкча болушу, “кожо көзүнө” өткөрүлгөн формалдуу текшерүүлөр жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишине бут тосууда. Өзүнүн түз милдеттенмелерин аткаруунун ордуна муниципалитеттердин кызматкерлери убактысынын көбүн текшерүүчү органдарга, алардын кайрылуулары менен суроо-талаптарына жооп даярдоого, анын ичинде маморгандардын райондук, облустук мекемелерине тез-тез каттоосуна кетирип жатат.

Ушуну менен бирге ЖӨБ органдарынын ишине көзөмөлдү такыр эле алып таштоо туура эмес жана мыйзамга каршы келет. Анткен менен мындай көзөмөлдүн усулдары да так системага салынып, тартипке келтирилиш керек. Ошондуктан ЖӨБ органдарынын ишин текшерүүнү тартипке салган ушул Мыйзам “Ишкердик субъекттерин текшерүүнүн тартиби жөнүндө” КР Мыйзамынын аналогиясы боюнча иштелип чыкты.

# Кыргыз Республикасынын Президентинин 2016-жылдын 15-мартындагы №58 ПЖ “Ишкердик субъекттеринин жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын иштерин укук коргоо жана салык органдары тарабынан текшерүүдө аларды укуктук коргоо боюнча кошумча чаралар жөнүндө” Жарлыгы

Ишкердик субъекттеринин жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишине мамлекеттик органдардын негизсиз жана ашыкча кийлигишүүлөрүн болтурбоо, аларды укуктук коргоону күчөтүү, жагымдуу ишкердик жана инвестициялык чөйрөнү түзүү, укук коргоо жана салык органдары тарабынан текшерүүлөрдү жүргүзүүдө коррупциялык тобокелдиктердин болушуна каршы күрөшүү максатында, Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 65-беренесин жетекчиликке алып, токтом кылам:

1. Кыргыз Республикасынын Өкмөтү Кыргыз Республикасынын Башкы прокуратурасы менен бирдикте мамлекеттик башка органдарды тартуу менен укук коргоо жана салык органдары тарабынан ишин негизсиз текшерүүлөрдөн жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарын жана ишкердик субъекттерин системалуу укуктук коргоо моделин иштеп чыксын жана Кыргыз Республикасынын укук коргоо жана салык органдарынын ишине киргизсин, мында төмөнкүлөр алдын ала каралсын:

- жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишин текшерүү, анын ичинде кылмыш-жаза сот өндүрүшүнүн жана изин сутпай издөө иши жөнүндө мыйзамдардын алкагында укук коргоо органдары тарабынан өткөрүлүүчү текшерүүлөр, кылмыш-жаза сот өндүрүшүнүн алкагында укук коргоо органдарынын жана салык мыйзамдарынын алкагында салык органдарынын ишкердик субъекттеринин ишин текшерүүлөр текшерүү женүндө алардын актылары прокуратура органдарында катталгандан кийин гана жүргүзүлөт;
- прокуратура органдары жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жана ишкердик субъекттеринин ишин текшерүү жөнүндө укук коргоо жана салык органдарынын актыларын Кыргыз Республикасынын Өкмөтү белгилеген тартипте каттайт жана эсепке алат;
- текшерилүүчү ишкердик субъекттери жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары менен кайра байланыштын формалары прокуратура органдарына каттоосуз текшерүүлөрдү өткөрүүгө тез чара көрүүгө жана ага бөгөт коюуга мүмкүндүк берет.

2. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө төмөнкүлөр сунушталсын:

- ушул Жарлыктын 1-пунктунда көрсөтүлгөн жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарын жана ишкердик субъекттерин системалуу укуктук коргоо моделин мыйзам менен бекитүүгө чейин текшерүүлөрдү каттоонун жол-жоболорунун максималдуу түрдө ачык-айкындыгынын жана оперативдүүлүгүнүн механизмин, алдыңкы технологияларды киргизүүнү, анын ичинде текшерүүлөрдү каттоонун электрондук формасын, текшерүүлөр жөнүндө маалыматты интернетке жарыялоону киргизүүнү караган жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жана ишкердик субъекттеринин ишин укук коргоо жана салык органдары тарабынан текшерүүсүн каттоонун убактылуу эрежелерин эки айлык мөөнөттө бекитүү тууралуу маселени карап чыксын;
- башка зарыл чаралар, анын ичинде Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешине Кыргыз Республикасынын тийиштүү мыйзамдык актыларынын долбоорлорун иштеп чыгуу жана киргизүү боюнча чаралар көрүлсүн.

3. Кыргыз Республикасынын Башкы прокуратурасына мыйзамдарда белгиленген тартипте укук коргоо жана салык органдары жүргүзгөн ишкердик субъекттерин жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарын текшерүүнүн мыйзамдуулугуна жана негиздүүлүгүнө көзөмөлдү күчөтүү, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген нормаларды бузган адамдарга чара көрүү тапшырылсын.

4. Ушул Жарлыктын аткарылышын көзөмөлдөө милдети Кыргыз Республикасынын Президентинин аппаратынын сот реформасы жана мыйзамдуулук бөлүмүнө, ошондой эле финансы-экономикалык анализ жана өнүгүүгө мониторинг жүргүзүү бөлүмүнө жүктөлсүн.

5. Ушул Жарлык расмий жарыяланган күндөн тартып күчүнө кирет.

“Эркин Тоо” гезитинде 2016-жылдын 18-мартында, №22 жарыяланды.

Кыргыз Республикасынын президенти
А. АТАМБАЕВ

# МЫЙЗАМДАРДАГЫ ЖАҢЫЛЫКТАР

Бектурган ОРОЗБАЕВ

## Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө

2016-жылдын 21-январында Кыргыз Республикасынын Президенти Алмазбек АТАМБАЕВ "Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө" Мыйзамга кол койду. Мыйзам жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо процессин өркүндөтүүгө багытталган жана биометрикалык маалыматтардын, добуш берүүчүлөрдүн электрондук тизмесинин жана автоматташтырылган урналардын негизинде инновациялык технологияларды колдонууну караштырат. Бул технологиялар 2015-жылы Жогорку Кеңештин депутаттарын шайлоо процессинде сыналган. Шайлоо күнү добуш берүүчүлөрдүн биометрикалык идентификациялоону киргизүү, ошондой эле шайлоону бурмалоону болтурбоо жана шайлоо процессине коррупциялык факторлордун таасирин тийгизбөө максатында Мыйзамдан мөөнөтүнөн мурда добуш берүү тууралуу нормалар алып салынды. Мындан тышкары Мыйзам "шайлоочулардын тобунун" добуш берүү процессине катышуусун жокко чыгарды. "Шайлоочулардын тобу" – бул талапкерлерди айылдык кеңештердин депутаттыгына көрсөтүү укугуна ээ болгон жарандардын тобу, айылдык аймактын жашоочулары[1]. Шайлоо процессине жаңы технологияларды киргизүүнү көңүлгө алуу менен Мыйзамда добуш берүүлөрдүн жыйынтыгын талашуу, шайлоо бюллетендерин эсептөө, ошондой эле тийиштүү кызмат адамдарынын жоопкерчилиги тууралуу жоболор кайра каралып чыккан.

[1] Өнүктүрүү саясий институтунун баамында, бул – жарандардын айылдык кеңештин депутаты болуу жана шайлануу укугун чектейт. Эми жарандар айылдык кеңешке шайлоого саясий партиялар же өзүн өзү көрсөтүү аркылуу гана катыша алат.

## Табигый дарылык ресурстар, дарылоо-ден соолукту чыңдоочу жерлер жана курорттор жөнүндө

Кыргыз Республикасынын Президенти Алмазбек АТАМБАЕВ «Табигый дарылык ресурстар, дарылоо-ден соолукту чыңдоочу жерлер жана курорттор жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу" Мыйзамга кол койду. Аталган Мыйзамды Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши 2016-жылдын 14-январында кабыл алган. Мыйзам ченемдик укуктук актылардын инвентаризациянын жыйынтыгы боюнча, ошондой эле "Табигый дарылык ресурстар, дарылоо-ден соолукту чыңдоочу жерлер жана курорттор жөнүндө" Мыйзамдын жоболорун Конституцияга, "Кыргыз Республикасынын Өкмөтү жөнүндө" конституциялык Мыйзамга, "Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актылары жөнүндө" Мыйзамга жана Кыргыз Республикасынын башка мыйзамдарына шайкеш келтирүү максатында кабыл алынды. Кабыл алынган Мыйзамдын негизги жоболору Өкмөттүн курорттук иштер жана эс алуу чөйрөсүндө Өкмөттүн ыйгарым укуктарын аныктоого жана тактоого багытталган. Мамлекеттик органдардын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ыйгарым укуктарын тактоо үчүн курортторду, дарылоочу-ден соолукту чыңдоочу жерлерди жана табигый дарылык ресурстарын иштетүү, өнүктүрүү жана коргоо жагындагы мамилелерди жөнгө салуу боюнча жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына кошумча функциялар жүктөлгөн: аймактык жергиликтүү маанидеги курорт же дарылоо - ден соолукту чыңдоочу жер деп таануу жөнүндө Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө сунуш киргизүү; ден соолукту чыңдоочу жана рекреациялык маанидеги жерлерди өздөштүрүүнүн мамлекеттик программаларын, курорттор менен курорттук региондорду (райондорду) өнүктүрүүнүн башкы пландарын (программаларын) ишке ашырууга катышуу; табигый дарылык ресурстарын, дарылоо-ден соолукту чыңдоочу жерлерди, курортторду жана алардын жерлерин сарамжалдуу пайдаланылышына жана корголушуна кызмат укугунун чектеринде көзөмөлдүк жүргүзүү; материалдык - техникалык ресурстарды тартууга, сервисти өнүктүрүп эс алууну жакшыртууга, курортторду өнүктүрүүдө чет өлкөлүк тажрыйбаны пайдаланууга багытталган тышкы экономикалык иш-аракеттерге катышуу.

# Балдар иштери боюнча Комиссия жөнүндө Типтүү жобо тууралуу

Балдардын жана турмуштук оор кырдаалда калган жашы жете элек балдары бар үй-бүлөлөрдүн укуктарын жана кызыкчылыктарын коргоо максатында, ошондой эле Кыргыз Республикасынын Балдар жөнүндө кодексинин 26-беренесин ишке ашыруунун алкагында Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2015-жылдын 24-декабрындагы №878 токтому менен Балдар иштери боюнча Комиссия жөнүндө Типтүү жобо бекитилген.

Балдар иштери боюнча комиссия турмуштук оор кырдаалда калган балдарды коргоо системасынын коллегиялык органы болуп эсептелет жана ишин үзгүлтүксүз негизде жүргүзөт, ал төм. максатында түзүлөт: жергиликтүү мамлекеттик администрацияларда; шаардык мэрияларда.

Комиссиянын максаты турмуштук оор кырдаалда калган балдарга кызмат көрсөтүүчү, ошондой эле камкоосуздукту, көзөмөлсүздүктү, балдардын укук бузууларын алдын алуу, балдардын укуктарын жана мыйзамдуу кызыкчылыктарын коргоо маселелери боюнча мамлекеттик бийликтин аймактык органдарынын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын, мекемелердин макулдашылган иш-аракеттерин камсыздоо болуп эсептелет. Комиссиянын жобосу жана курамы жергиликтүү мамлекеттик администрациянын жана шаар мэрияларынын чечими менен бекитилет. Анын курамына төмөнкүлөр кирет:

1) ички иштер органынын өкүлү;
2) билим берүү чөйрөсүндөгү мамлекеттик органдын ыйгарым укуктуу өкүлү;
3) саламаттык сактоо тармагындагы мамлекеттик органдын ыйгарым укуктуу өкүлү;
4) балдарды коргоо боюнча ыйгарым укуктуу органдын аймактык бөлүмүнүн өкүлү;
5) миграция тармагындагы ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын өкүлү;
6) жаза аткаруунун аймактык мамлекеттик органынын өкүлү;
7) жергиликтүү мамлекеттик администрациянын же шаардык мэриянын өкүлү;
8) турмуштук оор кырдаалда калган балдарга жана үй-бүлөлөргө социалдык кызматтарды жана башка кызматтарды көрсөткөн жарандык коомдун өкүлдөрү (макулдашуу боюнча) кирет.

Балдар иштери боюнча комиссия жергиликтүү мамлекеттик администрация башчысына же шаар мэрине отчет берет жана райондогу (шаардагы) балдардын абалы жөнүндө квартал сайын отчет берет. Жергиликтүү мамлекеттик администрациянын башчысынын орун басары же шаардык мэриянын социалдык маселелерди тейлеген вице-мэри Комиссиянын төрагасы болуп саналат. Жергиликтүү мамлекеттик администрациянын башчысы же шаардын мэри Комиссиянын иши жөнүндө балдарды коргоо боюнча ыйгарым укуктуу органга квартал сайын отчет берет.

# ЮРИДИКАЛЫК КОНСУЛЬТАЦИЯ

**Бектурган ОРОЗБАЕВ**

## Менчик жана жерлер тууралуу

**СУРОО:**

**Спорт комплекси же мини футбол талаасы жамааттын кызыкчылыгында иштешин камсыздоо, анын эффективдүүлүгүн жана натыйжалуулугун жогорулатуу үчүн объектти муниципалдык менчиктен жеке башкарууга кантип өткөрө алабыз?**

ЖООП:

“Мүлккө муниципалдык менчик жөнүндө” КР Мыйзамынын 3-беренесине ылайык (мындан ары – Мыйзам) муниципалдык менчикте төмөнкү мүлктөр болушу мүмкүн:

- жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын, аларга караштуу ишканалардын имараттары, жабдуулары жана башка кыймылсыз мүлкү;
- билим берүү, саламаттык сактоо, маданият, спорт жана туризм объекттери.

Муниципалдык менчикте турган спорттук объекттер ушул Мыйзамдын 15-беренесине ылайык, жеке жана юридикалык жактарга пайдаланууга жана ижарага берилиши мүмкүн. Муниципалдык менчик объекттерин пайдаланууга жана ижарага берүү жергиликтүү кеңештердин чечимдери, тооруктарды өткөрүү жолу менен жүргүзүлөт.

Тоорук өткөргөндө жана кыймылсыз муниципалдык мүлктү (спорт объекти) бир жылдык жана андан көбүрөөк мөөнөткө ижарага же пайдаланууга берүү жөнүндө келишим түзгөн учурда төмөнкүдөй жол-жоболор колдонулат:

- айыл өкмөтү кыймылсыз муниципалдык менчикти ижарага же пайдаланууга берүү ниети жөнүндө табыштаманы кабыл ала тургандыгы тууралуу кулактандыруу жарыялайт. Жазуу жүзүндөгү билдирүү коомдук жайларда илинүүгө жана массалык маалымат каражаттарында жарыяланууга тийиш;
- кулактандырууда менчик, анын жайгашкан жери жана сыпатталышы, ижаралоо же пайдалануу укугун сатып алуунун эң төмөнкү баасы, ижаралоо же пайдалануу укугуна карата белгиленген шарттар же чектөөлөр, тендерди өткөрүү убактысы жана өтө турган жери көрсөтүлөт. Кулактандыруу сатыла турган күнгө кеминде 30 күн калганда жарыяланат;
- ичине табыштама салынып, чапталган конверттер баарына көрүнөө болгон коомдук жайда элдин көзүнчө ачылат. Ижаралоо же пайдалануу укугу эң жогорку бааны жана бул бүтүм үчүн белгиленген шарттарды канааттандырган шарттарды сунуш кылган адамга берилет. Коомчулукка конкурстун жыйынтыгы, анын ичинде конкурсту жеңип алуучунун аты-жөнү, баасы жана бул бүтүм боюнча ар кандай чектөөлөр жөнүндө коомдук жайда илинген жазуу жүзүндөгү билдирүү аркылуу жана бул маалыматты мүлккө муниципалдык менчиктин жергиликтүү реестрине киргизүү аркылуу билдирет.

Муниципалдык мүлктү ижарага же пайдаланууга берүүдөн түшкөн бардык кирешелер, комиссиялык, юридикалык жана башка чыгымдарды кармап калгандан кийин жергиликтүү бюджетке келип түшөт. Муниципалдык мүлк пайдаланууга же ижарага берилген адам, мамлекеттик каттоо органдарында каттоодон өтүү, ошондой эле ар кандай каттоо чыгымдары үчүн жоопкерчилик тартат.

---

**СУРОО:**

**Жеке турак жай курулушу үчүн жер тартыш болуп турган шартта жергиликтүү мамлекеттик администрация райондун аймагындагы ээсиз жерлерге анализ жүргүзүүдө. Жергиликтүү мамлекеттик администрациянын мындай инвентаризация жүргүзүүгө укугу барбы жана алар кайсы ченемдик укуктук акты менен жөнгө салынат?**

ЖООП:

Суроонун контекстинен алганда, анын авторун жүргүзүлүп жаткан инвентаризация жеке турак жай курулушуна жер бөлүү үчүн мүмкүнчүлүктөрдү кеңейтүүгө таасирин тийгизеби же жокпу деген кызыктырууда. Тикелей таасирин тийгизбейт. Анткени сөз мамлекеттик жерлерди инвентаризациялоо тууралуу жүрүүдө. Ал эми алар жеке турак жай курулушуна жерлерди категориядан категорияга трансформациялагандан кийин гана берилет. Анткен менен мамлекеттик жерлердин дагы да толук эсеби деталдуу инвентаризациялоо трансформацияга карата мындан да жүйөлүү чечимдерди кабыл алууга жардам берет.

Кыргыз Республикасынын жер фондун инвентаризациялоо бир жолку процесс жана “Кыргыз Республикасынын жер фондун инвентаризациялоонун тартиби жөнүндө” Жобосуна ылайык жүргүзүлөт. Бул Жобо “КР жер фондуна инвентаризациялоону жүргүзүү жөнүндө” КР Өкмөтүнүн 2014-жылдын 3-мартындагы №114 токтому менен бекитилген.

Бул токтом менен Кыргыз Республикасынын Айыл чарба жана мелиорация министрлигине төмөнкүлөр тапшырылган:

- 2014-2018-жылдар аралыгында республиканын жер фондуна инвентаризациялоо жүргүзсүн, менчигинин түрүнө жана ведомстволук баш ийүүсүнө карабастан чарба субъекттеринин ортосундагы чек араларды белгилөө боюнча жумуштарды аткарсын;
- жер фондуна инвентаризациялоо жүргүзүү үчүн бекитилген бюджеттин чегинде жыл сайын зарыл болгон каражаттарды караштырсын;
- айыл чарбалык эмес муктаждыктар үчүн айыл чарба жерлерин берүүгө байланышкан айыл чарба өндүрүшүнүн жоготууларынын ордун толтуруудан келип түшкөн каражаттарды жер фондун инвентаризациялоо боюнча иштерди жүргүзүү максатында пайдалануу жагын карасын жана сунуштарын берсин;
- «Айыл чарба көмөкчү кызматтарга колдоо көрсөтүү» долбоорун ишке ашыруунун жүрүшүндөгү каражаттарды космостон сүрөткө тартуунун жогорку тактыктагы ортофотопландарын сатып алуу максатында пайдалануу маселеси боюнча Дүйнөлүк банктын өкүлдөрү менен сүйлөшүүлөрдү жүргүзсүн;
- жыл сайын жер фондун инвентаризациялоонун жүрүшү жөнүндө маалыматты Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Аппаратына берип турсун.

Андан ары бул токтом менен жергиликтүү мамлекеттик администрацияларга жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына (макулдашуу боюнча) Кыргыз Республикасынын жер фондун инвентаризациялоо тартиби жөнүндө жобого ылайык республиканын жер фондун инвентаризациялоого көмөк көрсөтүү тапшырылган.

# Ветеринар тууралуу

**СУРОО:**

**2015-жылы айыл өкмөтү келишим боюнча ветеринарды жалдаган. Анткен менен 2016-жылы мындай келишим түзүлгөн жок. Ветеринарды айыл өкмөтүнүн штатына кошо алабызбы же аны менен келишимди жергиликтүү бюджеттен каржылай алабызбы? Анткени айылда ветеринардык кызмат көрсөтүүгө болгон талап жогору.**

ЖООП:

Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ветеринарды жалдоо маселеси ыйгарым укуктуу орган бул ыйгарым укуктарды каржылоону камсыздайт деген шартта чечилсе болот. Анткени ал ыйгарым укук мамлекеттик болуп эсептелет. Анткен менен мамлекет жалпы ветеринария үчүн толук жоопкерчилик албайт. Ал болгону мамлекеттин компетенциясына кирген бөлүгү үчүн алат; ушуну менен бирге ветеринардык кызмат көрсөтүүлөрдүн бир бөлүгү жеке секторго берилет жана жергиликтүү да, мамлекеттик да бюджеттерден төлөнбөйт. Мыйзамдарга ылайык, ЖӨБ органдарына төмөнкү ыйгарым укуктар берилиши мүмкүн: жаныбарлардын өзгөчө коркунучтуу ылаңдары пайда болгондо карантинди жана башка чектөө чараларын киргизүү; ветеринардык-санитардык талаптарды жана эпизоотияга карды иш-чараларды аткаруу; ооруган жаныбарларды жок кылуу, ошондой эле өлгөн жаныбарлар көмүлгөн жерлерди талаптагыдай күтүү үчүн жоопкерчилик тартат.

2014-жылдын 30-декабрындагы №175 “Ветеринария жөнүндө” КР Мыйзамы (мындан ары – Мыйзам) ветеринария жаатындагы укуктук, социалдык, уюштуруучулук, каржы-экономикалык негиздерди аныктайт жана адамдардын жана жаныбарлардын жалпы илдеттеринен калкты коргоого, Кыргыз Республикасынын аймагында эпизоотиялык амандыкты жана ветеринардык-санитардык коопсуздукту камсыз кылууга багытталган.

2015-жылдын 2-июлунда киргизилген акыркы өзгөртүүлөргө ылайык, Мыйзам КР Конституциясынын 113-беренесинин 2-бөлүгүнүн талаптарына шайкеш келтириленин белгилей кетүү керек. Анда мамлекеттик ыйгарым укуктарды берүү тууралуу мыйзамдарга ылайык, ветеринария боюнча ЖӨБ органдарына кошумча мамлекеттик ыйгарым укуктар ыйгарылган.

Буга байланыштуу Мыйзамдын 4-беренеси ветеринария тутумундагы субъекттерге төмөнкүлөрдү киргизет:

- Кыргыз Республикасынын Өкмөтү;
- ветеринария боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган;
- жергиликтүү мамлекеттик администрациялар;
- берилген мамлекеттик ыйгарым укуктарынын алкактарында жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары;
- кесиптик этика ченемдеринин сакталышын контролдоо боюнча көз карандысыз ветеринардык статуардык орган;
- ветеринардык ишкердик менен алектенген адамдар (жеке ветеринар дарыгерлер).

Андан кийин Мыйзамдын 7-беренеси ЖӨБ органдарына айрым мамлекеттик ыйгарым укуктарды бергени менен, аларды ветеринария жаатындагы жергиликтүү мамлекеттик администрациянын ыйгарым укуктары менен так ажыратат:

Жаныбарлардын жугуштуу ылаңдарынын пайда болуу же табылуу коркунучу учурунда ветеринария боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын сунушу боюнча жергиликтүү мамлекеттик администрация тиешелүү администрациялык-аймактык бирдиктердин аймактарында карантиндик же башка чектөө чараларын белгилейт же алып салат.

Жергиликтүү мамлекеттик администрациялар өз компетенциясынын алкактарында, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары берилген мамлекеттик ыйгарым укуктарды жүзөгө ашыруу үчүн которулган каражаттардын эсебинен каржылоону жүзөгө ашырат жана карантиндик жана башка чектөөчү чараларды жүргүзүүдө уюштуруучулук жана чарбачылык иш үчүн жоопкерчилик тартат.

Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары берилген мамлекеттик ыйгарым укуктарды жүзөгө ашыруунун алкактарында ветеринардык-санитардык талаптарды жана эпизоотияга каршы иш-чараларды аткарууну камсыз кылат.

Жергиликтүү мамлекеттик администрациялар өз ыйгарым укуктарынын алкактарында, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары берилген мамлекеттик ыйгарым укуктардын алкактарында табылган оорулуу жаныбарларды жок кылууну жүзөгө ашыруу үчүн, ошондой эле өлгөн жаныбарлар көмүлгөн жерлерди талаптагыдай күтүү үчүн жоопкерчилик тартат.

Ошентип, Мыйзамдагы ЖӨБ органдарынын ветеринария боюнча ыйгарым укуктар бөлүгүнө киргизилген акыркы өзгөртүүлөр (2015-жылдын 2-июлундагы) аларды берилген мамлекеттик ыйгарым укуктар катары аныкташат. Натыйжада, ЖӨБ органдарына бул маселелерди чечүүгө ыйгарым укуктарды методикалык коштоо жана республикалык бюджеттен жергиликтүү бюджетке берилген финансы каражаттардын эсебинен штаттык бирдикти камсыздоо талап кылынат.

GLOBAL PARTNERSHIP FOR SOCIAL ACCOUNTABILITY

ӨНҮКТҮРҮҮ САЯСАТ ИНСТИТУТУ
ИНСТИТУТ ПОЛИТИКИ РАЗВИТИЯ
DEVELOPMENT POLICY INSTITUTE

# Айылдык ден соолук комитеттери – туруктуу жана натыйжалуу жарандык институт

**Айнура ДЖУНУШАЛИЕВА,** “АДК үнү” Долбоорунун менеджери

**Бул рубрикада кеп Айылдык ден соолук комитеттери тууралуу болот. Бул комитеттер – атүгүл кээде юридикалык жак статусуна ээ болбогон чакан жамааттык уюмдар айылдардагы жашоону өзгөртүүдө. Алардын ийгиликке жеткен окуялары негизги баалуулук жана өнүгүү ресурсу – бул жарандар жана алардын бирикмелери болгонун ырастайт.**

“Айылдык ден соолук комитеттеринин үнү жана Кыргыз Республикасынын айыл жамааттарынын саламаттык детерминанттары боюнча жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын социалдык жоопкерчилиги” Долбоорун Өнүктүрүү саясат институту жана “Кыргызстан айылдык ден соолук комитеттери” ассоциациясы Дүйнөлүк банкка караштуу “Социалдык жоопкерчилик боюнча глобалдык өнөктөштүк” Тресттык фондунун (СЖГӨ) колдоосу менен ишке ашырууда. СЖГӨ донорлордон, өкмөттөрдөн жана жарандык коом уюмдарынан турган коалиция. Анын аракеттери калк менен жакшыртылган кайра байланыш үчүн шарттарды түзүү жана калктын чечим кабыл алуу процессине катышуу үчүн потенциалды жакшыртуу жолу менен өнүгүү жаатындагы жыйынтыктарды өркүндөтүүгө багытталган. Долбоордун иши 2017-жылдын соңуна чейин уланат жана Кыргыз Республикасынын Айылдык ден соолук комитеттеринин (АДК) жана АДК Ассоциациясынын дараметин жогорулатууга багытталган. Долбоор өз ишинде АДК менен жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары (ЖӨБ) ортосундагы диалогду куруу максатын көздөйт. Бул болсо элет калкынын саламаттык детерминанттары менен байланышкан көйгөйлөрдү чечүү үчүн бардык мүмкүн болгон ресурстарды мобилдештирүү үчүн жасалууда.

Долбоордун негизги бенефициарлары болуп Айылдык ден соолук комитеттери (АДК) эсептелет. Алардын максаты айыл жамааттарына өз саламаттыгынын абалын жакшыртуу үчүн өз алдынча иш алып баруу мүмкүнчүлүгүн берүү болот. АДК – бул бир айылдын же анын айрым бөлүктөрүнүн деңгээлинде иш алып барган жамааттык уюмдар. АДК бүткүл республикада жайылган кеңири тармакка бириккен. Алардын саны – 1600. “Кыргызстан айылдык ден соолук комитеттери” ассоциациясы улуттук деңгээлде бардык АДКнын кызыкчылыктарын көздөп, АДК тармактарын өнүктүрүү менен алектенет. Долбоордун соңку бенефициары болуп пилоттук айылдардын калкы эсептелет. Пилоттук айылдарда долбоордун ишинин жыйынтыгы катары жергиликтүү кызмат көрсөтүүлөр жана инфраструктура жакшырат.

ӨСИ менен АДК Ассоциациясынын биргелешкен долбоору коомчулуктун жана мамлекеттин назарын саламаттык детерминанттарына байланышкан көйгөйлөрдүн секторлор аралык чечимин табуу зарылчылыгына бурат. Айылдык ден соолук комитеттери – ыктыярчылардын бирикмелери, алар элет жергесинде саламаттык детерминанттарынын көйгөйлөрү менен алектенишет. Ыктыярчылар бул процессте маанилүү роль ойноого жөндөмдүү. Ошондуктан Долбоор Кыргыз Республикасынын 25 пилоттук айылында көйгөйлөрдү биргелешип чечүү үчүн ЖӨБ менен АДК ортосундагы өз ара аракеттерди күчөтүүгө ба-

гытталган. Долбоордун кийинки кадамдары АДК потенциалын жогорулатууга жана жергиликтүү жамааттын саламаттыгына таасирин тийгизген көйгөйлөрдү чечүүнү эске ала турган жергиликтүү саясатты иштеп чыгууга багытталмакчы.

Долбоор айыл жамааттарынын саламаттык детерминантын жакшыртууга багыт алат. Аларга таза сууга жеткиликтүүлүк, санитария, гигиена, коопсуз турак жай ж.б. өңдүү факторлор тиешелүү. Алар ар бир адамга өзүнчө да, жалпысынан жамааттын да ден соолугунун абалына чоң таасир тийгизет. Саламаттык детерминанттын абалын жакшыртуунун эсебинен Долбоордон кыйыр пайданы КРнын элеттик калкы алат. Саламаттык сактоо системасы канчалык өнүккөн болбосун, өлкө калкынын саламаттыгынын абалына болгону 25% гана таасирин тийгизет. Калган 75% - бул дарыгерлер олуттуу таасирин тийгизе албаган факторлор. Анткени алар иш-кердиктин башка чөйрөлөрүнө көбүрөөк тиешелүү болушат. Мисалы, мектепке чейинки жана мектеп мекемелеринде балдардын тамактануусунун сапаты билим берүү чөйрөсүнө караштуу. Ал эми бул балдар барган мекемелердеги физикалык шарттар жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын карамагына кирет. Анткени мектептер жана бала бакчалар ЖӨБ органдарынын балансында турат. Адатта бул шарттарды “саламаттыктын детерминанттары” деп аташат жана бул түшүнүк адам жашоосунун сапатын аныктаган маанилүү концепциялардын бири катары акыркы жылдары дүйнөдө кеңири жайыла баштады.

Аталган Долбоорду ишке ашыруу калктын саламаттыгын сактоого жана бекемдөөгө багытталган секторлор аралык саясатты түзүү жана өркүндөтүү үчүн негиз болуп бере алаары долбоордун уникалдуулугу катары кабыл алынат. Калктын деңгээлинде бардык коомдун аракеттери зарыл. Ага саламаттык сактоо тармагы гана эмес, башка тармактар жана секторлор да катышууга тийиш. Узак мөөнөттүү натыйжага жетүү үчүн саламаттык сактоо тармагы түрдүү тармактар жана коомдун секторлору менен кызматташыш керек. Бул болсо тигил же бул шарттарды түзүүгө кошкон салымын жана ушул шарттарды жакшыртуу үчүн жоопкерчилигин баамдоого жардам берет. Дал ушундай багыт калктын саламаттыгынын абалын олуттуу жакшыртууга жол ачат.

Бул долбоордун алкагында ЭДК жергиликтүү бийлик органдары менен байланышты жакшыртууга, өнөктөш мамилелерди түзүүгө жана элет жергесинде саламаттык детерминантын жакшыртуу боюнча иштерди биргелешип жүргүзүүгө жардам берет.

Долбоордун активдүү фазасы 2014-жылдын ноябрь айында пилоттук муниципалитеттердеги Айылдык ден соолук комитеттеринин өкүлдөрү, жергиликтүү кеңештердин депутаттары жана айыл өкмөтүнүн кызматкерлери үчүн тренингдерди уюштуруудан башталды. АДКны жана алардын өнөктөштөрүн окутуу, алардын биргелешкен иштерге катышуусу ЖӨБ органдарына ден соолукка таасир тийгизген турмуш шарттарынын маселелеринде жамаат алдында дагы да ачык-айкын жана жооптуу болууга жардам берет. ЖӨБ саламаттык детерминантынын көйгөйлөрүнө көбүрөөк көңүл бурат. Бул болсо элет калкынын саламаттык абалына оң таасирин тийгизмекчи.

2015-жылы Долбоор пилоттук муниципалитеттердин 25 айылында элет муктаждыктарын биргелешип аныктоо иш-чараларын өткөрө алды. Аныкталган артыкчылыктарды толук же жарым-жартылай чечүү пилоттук муниципалитеттердин көпчүлүк жергиликтүү бюджеттеринин 2015-2016-жылдар үчүн долбоорлоруна кошулду.





# Ак-Коргон айылындагы АДК: беш жүздөн ашык киши таза сууга жетти

## Талас облусунун Талас районундагы Өмүралиев айылдык аймагы



**Кулубек ТУРГАНБАЕВ, Алмаз РАХИМДИНОВ,**
"АДК үнү" Долбоорунун адистери

Ак-Коргон айылында 720 киши жашайт жана ар бир онунчу тургунда гана таза сууга жеткиликтүүлүк бар. Көп жылдар бою калк сууну чакан өзөндөн алып келген. Бул болсо жашоочулардын саламаттыгына олуттуу коркунуч жараткан. Анткен менен суу менен жабдуу системасынын курулушу жана аны калыбына келтирүү өтө татаал жана акчаны көп талап кылган долбоор болгондуктан жергиликтүү жамааттын күчү менен аны ишке ашыруу өтө оор болчу. Ошентсе да Ак-Коргон айылы бул көйгөйдү жарым-жартылай чече алды. Таң калычтуусу – бул маселе чакан жамааттык уюмдун – Айылдык ден соолук комитетинин демилгеси менен чечилди.

Таза сууга жеткиликтүүлүк көйгөйүн Жамаат муктаждыктарын биргелешип аныктоонун (ЖМБА) алкагында артыкчылыктарды тандап жаткан маалда жашоочулар биринчи кезекте чечилүүгө тийиш маселе деп аташкан. Бул иш-чараны Айылдык ден соолук комитети "АДК үнү" Долбоорунун колдоосу менен уюштурган.

Айылдык ден соолук комитети уюштурган айыл активисттеринин жолугушуусунда Ак-Коргон айылында таза суу менен камсыздоо маселеси боюнча

чогулуш өткөрүү чечими кабыл алынган. Талкууга АДК мүчөлөрү, айыл жашоочулары, айыл өкмөтү, коомдук уюмдардын өкүлдөрү жана жергиликтүү кеңештин депутаттары катышкан. Чогулушта жашоочулар алдын ала даярдалган техникалык долбоорду карап чыгышты. Бул техникалык долбоор активисттердин, Айылдык ден соолук комитетинин мүчөлөрүнүн жана айыл өкмөтүнүн адистеринин күчү менен иштелип чыккан.

Долбоорго ылайык, суу булагынан суу алгычка чейин 3,5 км болгон суу түтүк линиясын өткөрүш керек болчу. Суу менен камсыздоо системасын калыбына келтирүүнүн жалпы суммасы 468 000 сомду түздү. Биргелешип суу менен камсыздоо системасын калыбына келтирүү иштерин жүргүзүү зарылдыгы тууралуу чечим кабыл алынды. Бирок жергиликтүү бюджет чектелүү болгондуктан калыбына келтирүү иштерин бюджеттик ресурстардын эсебинен жасоо мүмкүн эмес болчу. Мындан улам башка булактарды издөөгө туура келди. Айылдык ден соолук комитеттеринин мүчөлөрүнүн жана айыл өкмөтүнүн уюшкан аракеттеринин натыйжасында, бир нече жолу түрдүү инстанцияларга кайрылгандан кийин демөөрчү табылып, ал 400 000 сом берди.

Бул көйгөйлүү маселени чечүүгө айылдын көптөгөн жашоочулары катышты. Алар коомдук иштерге чыгышты: канал казып, суу түтүк трубаларын оңдоп, резервуарды тазалап, анын тегерегиндеги участокту бетондошту. Мындан тышкары жашоочулар 28 000 сом чогултса, айыл өкмөтү 40 000 сом бөлдү.



Бардык жасалган жумуштардын натыйжасында таза суу менен камсыздоо маселеси болгону жарым жылда чечилди. 3,5 км суу түтүк трубалары өткөрүлүп, резервуар тазаланып, тосмолонду, жергиликтүү калктын 70% (504 киши) таза суу менен камсыздалды.

Бул демилге Талас районунун башка Айылдык ден соолук комитеттери үчүн үлгү болуп калды. Ак-Коргон айылынын Айылдык ден соолук комитетинин төрагасы Майрамбек КОШАЛИЕВ буларды айтты: “Эгерде көйгөй чындап эле маанилүү, артыкчылыктуу болсо, анда адамдар жергиликтүү өз алдынча башкаруу менен биригип, ошол маселени чечүү жолдорун чогуу табышат”.

# Кош-Дөбө айылындагы АДК: караңгы көчөлөр өткөн чакта калды!



## Ысык-Көл облусунун Түп районунун Арал АА

**Кулубек ТУРГАНБАЕВ, Жылдыз КЕРИМОВА,**
“АДК үнү” Долбоорунун адистери

Кош-Дөбө айылындагы Токсобаев атындагы көчөнүн тургундары эч качан өз айылында бир да чыракты көргөн эмес. Күүгүм тартаары менен эле балдарын үйгө чакырууга туура келип, күн баткандан кийин кошуналар менен сыртта отуруп сүйлөшүү кыйын болчу. Ал эми бир жерден экинчи жерге жетүү үчүн фонарь күйгүзүп жүрүшчү. Бирок эми жагдай өзгөрдү – көчөгө жарык берип турган төрт чырак орнотулду. Жакын арада алардын саны дагы көбөймөкчү. Мына ушул маселени ордунан

Айылдык ден соолук комитети козгоду. Кош-Дөбө – негизги магистраль жолунан алыс жайгашкан чакан айыл. Калкынын саны беш жүзгө жетпейт. Бирок айылдын көйгөйлөрү Кыргызстандагы көптөгөн башка айылдардыкына эле окшош – 20 жылдан бери айылды көрктөндүрүү, шарттарын жакшыртуу, жолдорду, айыл клубдарын жана спорт аянтчаларын оңдоо маселеси менен алектенгендер аз. Ал эми булар айылдагы ыңгайлуу же ыңгайсыз жашоо үчүн ден соолукка жана чөйрөгө таасирин тийгизген шарттар эмеспи. Бул болсо өз кезегинде жашоочулардын өнүгүүсүнө жана жаш муунду тарбиялоого да таасир тийгизет. Эми көчөдөгү жарык эмнени чечмек эле деген ой кетиши мүмкүн. Бирок иш жүзүндө көчөнү жарыктандыруу эс алууга, коопсуздукка таасирин тийгизет.

2014-жылы Кош-Дөбө айылынын Айылдык ден соолук комитети "АДК үнү" Долбоорунун өнөктөшү болуп калды. Арал айылдык аймагынын ЖӨБ органдары менен биргеликте Кош-Дөбө айылындагы АДК саламаттык детерминанттарына байланышкан көйгөйлүү маселелерди чечүү боюнча иш-чаралар циклин өткөрдү. Кош-Дөбө айылынын АДК төрагасы, чон турмуштук тажрыйбага ээ болгон Керимбек МУКАНБЕТОВ калкты мобилдештирүү жана жамаат муктаждыктарын биргелешип аныктоо (ЖМБА) боюнча иш-чараларды өткөрүүгө чоң салым кошту. Элет тургундары Токсобаев атындагы көчөдө жарыктын жок болушун эң көйгөйлүү маселелердин бири деп чечишти.

Керимбек пикирлештери – АДК мүчөлөрү жана айыл активисттери менен биргеликте ишти аягына чейин чыгарууну чечишти. Алар Арал айылдык аймагынын башчысына расмий кайрылуу даярдашты. Анткени көчөнү жарыктандыруу – бул жергиликтүү өз алдынча башкаруунун компетенциясында турган жергиликтүү маанидеги маселе болуп эсептелет.

Башчы демилгени колдоп, жергиликтүү кеңештин депутаттарынан бул маселени чечүү үчүн жергиликтүү бюджеттен каражат бөлүп берүүнү суранды. Жергиликтүү бюджет чектелүү болгонуна карабастан кеңеш Токсобаев атындагы көчөгө төрт чырак орнотууга 32 000 сом бөлүү, ошондой эле 2016-жылы чырак орнотуу иштерин улантуу мүмкүнчүлүгүн тапты. Дагы эки чыракты жашоочулар 2016-жылы өз акчасына орнотууну чечишти. Арал айылдык аймагынын башчысы Бактыбек МАМЫТОВ: "АДКнын демилгеси менен жарандардын саламаттыгына байланышкан көйгөйлөрдү калк ЖӨБ органдары менен биргеликте чечкени абдан жакшы. Ооба, биз түшүнүп турабыз, муниципалдык кызмат көрсөтүүлөр, мисалы, жарыктандыруу – бул ЖӨБ органдарынын компетенциясына кире турган маселе. Бирок айыл тургундарынын артыкчылыктары кандай болгонун, алар үчүн биринчи кезекте кайсы маселелерди чечүү маанилүү экенин жана кандай ресурстарды адамдар өз алдынча табууга даяр болгонун дайыма эле биле бербейбиз. АДК менен кызматташтык артыкчылыктуу керектөөлөрдү аныктоого, калктын муктаждыктарына адекваттуу жооп берүүгө жардам берет. Мындан улам жашоочулар эстүүлүгүн көрсөтүп, жарыкты өз алдынча өчүрүп, күйгүзүп турууга даяр болот деп үмтөтөбүз. Бул электр энергиясы дайыма эле туруктуу болбогон, бир аз эле карыз болсо электр компаниясы жарыкты өчүрүп коё турган шарттарда өзгөчө маанилүү. Бул багытта иштер уланууда жана жакын арада биз жарыктандыруу маселесин толугу менен чечебиз".



Айыл өкмөт башчысы жергиликтүү өз алдынча башкаруу жергиликтүү инфраструктура үчүн жооптуу болгонун түшүнүп, ишти улантууга даярдыгын көрсөткөнү үлгү болчу көрүнүш. Өзгөчө башчынын жарыктандыруу үчүн каражатты жергиликтүү бюджеттен бөлө алганы да маанилүү. Бул болсо ЖӨБ органдары жарандардын муктаждыктарына жана керектөөлөрүнө жооп берүүгө даярдыгын, калк, ЖӨБдүн өкүлчүлүктүү жана аткаруучу органдары ортосунда байланыш, өз ара түшүнүшүү болгонун билдирет. Дайыма ушундай болуш керек.

"Эми көчөгө жарык орнотулгандан бери күн баткандан кийин балдарды сөзсүз эле үйгө кууп киргизүүнүн кажети жок. Алар жарык көчөдө эле оюндарын улантышууда. Ал эми айыл тургундары топ-топко чогулуп алып, саясат, жашоо жөнүндө баарлашып отурушат", - деди Кош-Дөбө айылындагы башталгыч мектептин директору КУБАНЫЧ уулу Бакыт.

АДК үчүн долбоорго катышуу баа жеткис тажрыйба болуп калды. Жергиликтүү жамааттын колдоосуна ээ болгон АДК мүчөлөрү адамдардын жашоосун мындан да мыкты жана ыңгайлуу кыла аларына ишенип калды. Кош-Дөбө айылындагы АДК төрагасы Керимбек МУКАНБЕТОВ: "Айылда көчө жарыгын орнотуу – бул чоң иш, ал жашоону жана адамдардын маанайын өзгөртөт. Ал эми биргелешип иштегенибиз, чогуу ийгиликке жеткенибиз жарандарда өз айылы үчүн болгон жоопкерчилик сезимин күчөтүп, биргелешкен иш-чараларга мындан ары да катыша берүүгө шыктандырды. Биз жердештерибизге жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына көчөнү жарыктандыруу көйгөйүн биргелешип чечип, өз күчүбүзгө ишенүүгө жардам бергени үчүн абдан ыраазыбыз".

# Манас айылындагы АДК: чакан жеңиштер – чоң жетишкендиктер



## Талас облусунун Манас районундагы Кыргызстан айылдык аймагы

**Кулубек ТУРГАНБАЕВ, Жылдыз КЕРИМОВА,**
"АДК үнү" Долбоорунун адистери

Манас айылы Казакстан менен чек аранын жанында жайгашкан. Талкаланган жол менен айылга жетүү оңой эмес. Бул жерде 735 киши жашайт. Элеттиктердин турмушунда көптөн бери өзгөрүүлөр болгон эмес жана күтө берип деле үмүттөрүн үзүп коюшкан. Бирок 2015-жылы акыры өзгөрүүлөр болду – эки көчө оңдолуп, фельдшердик-акушердик пункт ирээтке келтирилди.

Айылда инфраструктура андай деле көп эмес: 8 жыл мурда донордук уюмдун акчасына курулган, бирок андан бери бир да жолу ремонттолбогон фельдшердик-акушердик пункт жана Манас атын алып жүргөн негизги көчөнүн жээгинде орун алган, "ашар" жолу менен курулган кичинекей мектеп бар. Бирок аны негизги көчө деп айтууга да ооз барбайт. Анткени анын басымдуу бөлүгүнөн атүгүл машинелер да оңой менен өтө албайт. Ал эми жергиликтүү мектепке барган окуучулар белине чейин ылай болушат.

Жергиликтүү жамааттык уюм – Айылдык ден соолук комитети "АДК үнү" Долбоорунун катышуучусу болуп, жамааттын муктаждыктарын аныктоо боюнча бир катар иш-чараларды ишке ашырды. Элеттиктер бир топ көйгөйлөрүн айтып беришти, алар чогултулуп, жергиликтүү жамааттын жардамы менен алардын ичинен эң артыкчылыктуусу тандалып алынды. Эң актуалдуу деп төмөнкүдөй көйгөйлөр тандалып алынды: бала бакчанын жана заманбап мектептин, спорт залдын жоктугу; эски мектептеги ашкананын канааттандырарлык эмес абалда болгону; айылдын ичиндеги муниципалдык жолдор; ошондой эле ФАПты ремонттоо жана тегерегин курчоо зарылчылыгы.

Жергиликтүү жамаат бардык көйгөйлөрдү бир заматта чече алмак эмес. Ошондуктан чакан иштерден баштоону чечишти.

АДКнын төрагасы Байыскан ШАБРАЛИЕВАнын демилгесин колдоо менен айыл тургундары Манас жана Чымырбай аттуу эки негизги көчөдө ремонт жасоону чечишти. Долбоорго Айылдык ден соолук комитетинин мүчөлөрү жана жергиликтүү кеңештин депутаттары катышты. Депутаттар өзгөчө көйгөйлүү участокторго майда кумду жеткирүүнү камсыздап беришти. Айыл тургундары 5000 сом көлөмүндө акча каражатын чогултуп, 40 литр күйүүчү май беришти. Айыл өкмөт башчысы Сабит ТОРОБЕКОВ жергиликтүү өкмөттөн 10 миң сом бөлүп, жол-эксплуатациялык башкармалык менен сүйлөшүүлөрдү жүргүзүп, жергиликтүү бюджеттин эсебинен автогрейдерди ижарага алып берди.

Элеттиктерди көйгөйдү чечүүгө көп деле убакыт кетпегени таң калтырды. Айыл тургундары эми ыраазы: "Жолдордун абалы оңолду, балдар үчүн мектепке жетүү жеңил болуп калды. Айылда өз жамаатындагы көйгөйлөргө кайдыгер карабаган демилгелүү адамдар бар болгону жакшы экен. Алар өз маселелерин өз күчү менен чечип, башкаларды мобилдештирүүгө даяр".

Элеттиктер ЖМБА иш-чараларында көтөргөн башка көйгөй – бул ФАПтын ремонту жана анын тегерегиндеги аймакты көрктөндүрүү болду. 2008-жылы курулган ФАП жетиштүү көңүл бурулбагандыктан жыл сайын абалы начарлап келаткан. ФАП имаратында зарыл болгон шарттардын жоктугунан улам калкка кызмат көрсөтүү да барган сайын оорлой берди. Ал эми калк болсо медициналык жардам сурап мурдагыдай көп кайрылбай калды. ЖМБА сессияларында айыл аксакалдардын бири Рахым ИСМАИЛОВ буларды айтты: "Биз узак жашадык, бирок мен эми балдарым, неберелерим, алардын ден соолугу үчүн кооптонуп турам. Ошондуктан биз ФАПтын абалын жакшыртууга көмөктөшүшүбүз керек. Эгерде зарыл болсо ремонт үчүн акча чогул-



табыз". Айыл тургундары демилгени колдоп беришти. Жеринде демилгелүү топ түзүлдү: айыл активисттери тандалып алынып, кийин алар АДК мүчөлөрү менен кошо ремонттук иштердин сметасын иштеп чыгып, жардам сурап жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына кайрылышты.

Демилгелүү топтун айыл өкмөт башчысы менен сүйлөшүүлөрүнүн натыйжасында ФАПтын ремонту үчүн жергиликтүү бюджеттен 8 000 сом бөлүндү. Дагы 7 000 сомду АДК өз фондунан бөлүп берди. Биргелешкен аракеттер менен фельдшердик-акушердик пункт ремонттолуп, дубалдары акталып, терезелери, каалгалары сырдалып, аймактын тегерек чети көрктөндүрүлдү.

Манас айылынын мисалы көрсөткөндөй, айылдын чоң жетишкендиктери чакан жеңиштерден башталат. Кичинекей жамааттык уюм – Манас айылынын Айылдык ден соолук комитетинин демилгеси айыл тургундарын, жергиликтүү кеңештин депутаттарын жана айыл өкмөтүн чакан болсо да өтө маанилүү маселелерди чечүүнүн тегерегинде бириктире алды. Кээде кимдир бирөөнүн адамдардын жашоосун өзгөртүүгө болгон аракети менен тутанган кичинекей учкун да жашоого алоолонгон жарык берген жалынга айланып кетет экен.



# Сары-Ой айылындагы АДК: спорт аянтчасы жана жаңы конушка электр жарыгын өткөрүү



## Ысык-Көл облусунун Ысык-Көл районундагы Чоң-Сары-Ой АА

**Кулубек ТУРГАНБАЕВ, Жылдыз КЕРИМОВА,**
"АДК үнү" Долбоорунун адистери

Жер – Кыргызстандагы элет тургундары үчүн өтө маанилүү ресурс. Калктын басымдуу бөлүгү өрөөндөрдө айыл чарбасы менен, тоо жергесинде мал чарбалыгы менен алектенип келишет. Бирок өлкөдө өзгөчө бир аймак бар – Ысык-Көл өрөөнү. Бул жерде туризм жана рекреациялык эс алуу өнүгүп келет. Ысык-Көл ойдуңунда жашоо жылына 3-4 ай гана кызыйт. Кыргызстандын булуң-бурчунан жана кошуна өлкөлөрдөн туристтер дарылык касиети бар көлдүн жээгинде эс алуу үчүн келген маалда гана жан киргендей болот.

Айыл чарбалык жана туристтик ишмердиктин циклдүүлүгү элет калкынын турмуш тартибине жана адаттарына таасирин тийгизүүдө. Толук жумуштуу-



лук болбогон чакта улуу муун өзүн бир нерселер менен алагды кыла алса, элеттик жаштар болсо өз энергиясын туура багытка бура албай калат. Бул болсо өз кезегинде деструктивдүү жүрүм-турумга алып келет: жаштар ичимдик ичип, бир же бир нече айылдын жаштары мушташып, же кылмыштуу топторго кошулуп кетишет. Мындай адаттар бара-бара күч алып, тереңдеп отуруп үй-бүлө үчүн да, жалпысынан жамаат үчүн да чоң көйгөйгө айланууда.

Бул көйгөйлөрдү элеттик жамааттар “АДК үнү” Долбоорунун алкагында өткөрүлгөн Жамаат муктаждыктарын биргелешип аныктоо (ЖМБА) боюнча иш-чараларда бир нече жолу талкуулашкан. Дээрлик ар бир айылда жашоочулар жаштар үчүн бош убакты камсыздоо, спорт менен маданиятты өнүктүрүү зарылчылыгы тууралуу айтып келишет. Ысык-Көлдүн түндүк жээгиндеги рекреациялык зонада жайгашкан Сары-Ой айылы да алардын бири. “АДК үнү” Долбоорунун пилотторунун бири болуп калган Сары-Ой айылындагы Айылдык ден соолук комитети ЖМБА-иш-чараларынын алкагында элет калкы спорт аянтчасынын курулушун артыкчылыктуу көйгөйлөрдүн тизмесинде экинчи орунга койгонун, муну менен бул маселе абдан маанилүү экенин аныктады.

Төрайым Нурила АБДЫРАЕВА башында турган Сары-Ой айылындагы АДК жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары менен кошо иш алып барды. Айыл өкмөт башчысы жана жергиликтүү кеңештин депутаттары идеяны колдоп, АДК менен ЖӨБО спорт аянтчасын куруу үчүн жетиштүү каражатты тартуу жаатында биргелешкен чечим кабыл алышты. Алар ошол маалда гранттык программага өтүнмө кабыл алаарын жарыялаган донордук уюмдардын биринин гранттык программасына катышты. Анткен менен грантты ута алышкан жок. Бирок бул жергиликтүү кеңештин депутаттары менен Айылдык ден соолук комитеттерин токтоткон жок. Жергиликтүү бюджеттин эсебинен гана спорт аянтчасын куруу чечими кабыл алынып, бул үчүн жергиликтүү кеңеш резервдик фонддон курулуш үчүн зарыл каражат бөлүп берди.

Мындан тышкары биргелешкен аракеттер менен Сары-Ой айылындагы жаңы конуштагы электр жарыгына байланышкан көйгөйдү чечүү мүмкүн болду. Бул жаңы конуш 2006-жылы калкты турак жай менен камсыздоо үчүн бөлүнгөн 20 гектар жерде түзүлгөн. 2006-жылдан бери жаңы конуш кеңейип, үйлөр курула бергени менен электр жеткирүүчү линия жана ичүүчү суу түтүгү өңдүү турмуштук мааниге ээ болгон инфраструктура объекттери курулган эмес. Бул болсо турмуш шартына, саламаттык детерминанттарына да таасир тийгизгендиктен маселени чечүүгө Сары-Ой айылынын АДКсы, жергиликтүү кеңештин депутаттары жана жамааттын жигердүү лидерлери киришти. Мына ушул жерден Сары-Ой айылындагы жергиликтүү кеңештин депутаты Султангазы КАИРОВдун салымын да өзгөчө белгилеп кетүү керек. Бул депутат өз чөнтөгүнөн акча чыгарып, 100 миң сомдон ашык каражатка 10 электр устун сатып алды. Устунду сатып алууга жетпеген калган каражатты жаңы конуштун жашоочулары чогултуп беришти.

Кыска мөөнөттүн ичинде – болгону үч айда айылдагы жалпы аракеттердин натыйжасында кубаттуулугу 160 кВт болгон жаңы трансформатор жана 10 электр устуну



орнотулду. Мындан тышкары жаңы конуштун жашоочулары суу менен камсыздоо боюнча көйгөйдү чечүү милдетин өздөрүнө алышты. Алар биригип 100 миң сом чогултуп, өз күчү менен суу түтүк линиясын өткөрүштү.

Бул окуя айыл көйгөйлөрүн чечүүгө бардык тараптар – АДК, ЖӨБ органдары жана жергиликтүү жашоочулар тартылганынын бир мисалы. Сары-Ой айылындагы айылдык кеңештин депутаты Султангазы КАИРОВ: “Салым кошууга мени депутаттык кызматым, же “көзгө илинип калуу” каалоосу эмес, өз айылынын жашоочусу катары жарандык милдетим түрттү. Анткени эгерде ар бир адам өз айылынын турмушуна катышса, аз да болсо пайда алып келсе, биз турмуш шартыбызды абдан эле оңдой алмакпыз”.

Айылдын дагы бир жакшы жетишкендиги – бул ФАПтын аймагын жашылдандыруу. Бул жолу кайрадан эле АДК өкүлдөрү ФАПтын кызматкерлери менен биргелешип, ЖӨБ органдарынын катышуусунда ФАПтын тегерек четин жашылдандырып, абатташты. Алар 20 түп Тянь-Шань карагайын отургузушту. Бүгүнкү күндө бул чакан саламаттык сактоо аймагы ден соолукту чыңдоо жери гана эмес, ошону менен бирге Сары-Ой айылынын бардык тургундары үчүн ыңгайлуу эс алуу жайына айланды.

Ошентип Сары-Ой айылынын тургундары буга чейин жергиликтүү өз алдынча башкаруу менен иш алып баруу тажрыйбасына ээ болбогон чакан жамааттык уюм – Айылдык ден соолук комитети аркылуу үнүн жеткире алышты. Тажрыйба көрсөткөндөй, калкты, Айылдык ден соолук комитети өңдүү жарандык коом уюмдарын жигердүү тартканда, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары тарабынан колдоо болгондо конкреттүү көйгөйдү оңой жана тез чечүүгө болот. Бул үчүн ошол көйгөйдү көптөгөн көйгөйлөрдүн ичинен эң артыкчылыктуусу катары тандап алыш керек. Бардык көйгөйлөрдү бир маалда чечүүгө аракет жасабастан, бирөөн чечкенден кийин кийинкисине өтүү дагы да жеңил болот.

# Совет айылындагы АДК: спорт аянтчасы, муз аянтчасы жана жарык көчөлөр – жашоо оңоло баштады



## Ысык-Көл облусунун Ак-Суу районундагы Ак-Чий АА

**Кулубек ТУРГАНБАЕВ, Жылдыз КЕРИМОВА,**
“АДК үнү” Долбоорунун адистери

Каракол шаарынан 60 километр аралыкта, өлкөнүн чыгышында, асман тиреген Ала-Тоонун арасында Совет айылы орун алган. Бул жерде миңден ашуун киши жашайт жана аларды көптөн бери начар жолдор жүдөтүп келет. Айылдыктар кызмат көрсөтүүлөр, зарыл товарларды сатып алуу үчүн облус борборуна барыш керек. Бирок жолдордун начардыгы ар бир элеттиктин көкөйүнө тийип бүттү. Кыш маалында айылдан шаарга алып барчу жолго жетүү үчүн элеттиктер мурдагы замандагы-



дай эле адегенде ат минип алып жолго чыгат. Анткени ансыз да начар жолго жетүү такыр эле мүмкүн болбой калган.

Буга чейин айыл эли колдонуп келген эки көчө адам ыйлай турган деңгээлге жетип калган – алар тар, таштак болуп, жеңил машине оңой менен өтө алчу эмес. Тез жардам чакырганда машине оорулуунун үйүнө жакындай алчу эмес, мунун натыйжасында жашоочулар өз маалында медициналык жардам алалбай кыйналышчу. Жолдордогу аңдарга жана чуңкурларга тыгылып, машинелер көп бузулуп, ансыз да татаал элеттик турмушту кыйындатып, үй-бүлөлүк бюджетке сокку урчу. Буга эми көчөдөгү жарыктын жоктугун кошуп көрүңүзчү: караңгы көчөдө жүрүү кооптуу сапарга айланып калган эле. Бирок адамдар жолдорду оңдоого билек түрө кирише турган учур да келди. Ал эми аларды бул ишке Айылдык ден соолук комитети түрттү.

Буга чейин АДК йод жетишсиздиги, аз кандуулук, бруцеллез жана башка ушул өңдүү элет жергесине мүнөздүү болгон ооруларды алдын алууга салым кошуп, негизинен элет калкын агартуу менен алектенип келген. АДКнын айыл турмушундагы ролу маалымат өнөктүктөрдүн алкагынан чыкчу эмес. Анткен менен өз жердештерине көбүрөөк пайда алып келип, турмуштарын жакшыртуу каалоосунан улам Совет айылындагы Айылдык ден соолук комитети “АДК үнү” Долбооруна катышып көрүүнү чечти. АДК жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары менен иш алып барууда социалдык отчеттуулук аспаптарын колдонгонду үйрөндү.



Аталган долбоордун алкагында Совет айылындагы АДК жамаат муктаждыктарын аныктоо жана артыкчылыктуусун тандап алуу методикасын окуп чыгышты. Анын алкагында өз айылында Жамаат муктаждыктарын биргелешип аныктоо (ЖМБА) иш-чараларын уюштуруп, ага жүзгө жакын киши катышты. ЖМБАнын түрдүү усулдарынын жардамы менен алар жарандардын ден соолугуна таасир тийгизген жалпы көйгөйлөрдү чогултуп, артыкчылыктууларын бөлүштүрүп чыгышты: ички жолдордун жана көпүрөлөрдүн начар абалы; тиш дарылоочу кабинеттин жоктугу; Жаштар көчөсүндө таза суунун жоктугу; эс алуу үчүн жайдын, маданият менен спортту өнүктүрүү үчүн шарттардын жоктугу; АДК, ТСКАКБ жана айыл башчынын кеңселеринин начар абалы.

Көйгөйлөрдү чечүү үчүн АДК ЖӨБ органдары менен биргеликте калктын жигердүү бөлүгүн мобилдештирип, Биргелешкен аракеттер планын иштеп чыгышты. Ошондой эле 2015-жылдын ортосунда АДК, ЖӨБ органдары жана жергиликтүү жамааттын биргелешкен жана чогуу жасаган иштеринин алгачкы жыйынтыгы пайда болду.

Төрагасы жана учурда АК депутаты Төлөгөн ИСАЕВ башында турган АДКнын маанилүү жетишкендиктеринин бири – айылдагы эки көчөнүн жолун оңдоо болду. Узундугу эки километр келген Сартбай атындагы көчө оңдолду: жолдорго жаңы асфальт төшөлүп, эски асфальт кайтадан төшөлүп чыкты жана экинчи көчөдөгү жолго кошумча майда кум төгүлдү. Бул иштердин баарына жергиликтүү бюджеттен каражаттар бөлүндү. Айыл өкмөт башчысы Максат ДОРБАЕВ жүк ташуучу унаа менен экскаватор техникасын жалдап, оңдолуш керек болгон жолдорго топурак төгүү үчүн шарт түзүп берди эле жашоочулар анын баарын тегиздеп чыгышты. Көчөлөрдүн биринде жергиликтүү жамааттын эсебинен 17 көчө чырагы сатып алынып, орнотулду. Эми көчөлөр ыңгайлуу жана тегиз гана болбостон, ошондой эле коопсуз жана жарык да болуп калды.

Айыл тургундары: “Эми ылай же көлчүк тебелеп алабыз деп коркпостон тегиз жана жарык көчөдөн басып калдык. АДКга, айыл өкмөтүнө жана депутаттарга бул керемет үчүн ыраазычылык билдиребиз”.

Андан кийин эс алууну уюштуруу жана спортту өнүктүрүү үчүн шарттар менен камсыздоого киришишти: спорт аянтчасы үчүн тосмо орнотушту. Бул үчүн каражат да жергиликтүү бюджеттен бөлүндү. Өз кезегинде жамаат тосмо тургузуу менен эмгек салымын кошту. Андан кийин муз тебүү аянтчасын жасай алышты. Эми АДК аянттын ишин камсыздоого, аймактагы тазалыкка жана тартипке көз салууга жигердүү тартылды. Жергиликтүү жамаат ыраазы: “Эми муз тебе турган аянтчабыз бар, ал жерден бош убактыбызды өткөрө алабыз. Адатта жаштар ичимдик ичип, көчө “таптап” жүрчү. Эми болсо спорт менен алектене баштаышты”.




Жергиликтүү бийлик айылдагы жамааттык уюмдарды жигердүү колдоого ала баштады. АДК, ТСКАКБ жана айыл башчысы эми ыңгайлуу шарттарда иштеп калды. Анткени алардын кеңселери жергиликтүү бюджеттин эсебинен оңдолду.

“Акыры биздин жашообуз да ыңгайлуу болуп калды. Биз дээрлик шаардагыдай жашайбыз: көчөлөрүбүз жарык, жолдор түз, эс алуу жайлары бар”, - дейт ыраазы болгон элеттиктер. Мунун баарына АДКнын аракети жана иши себепчи болду. Элет калкында кооз айылда жашагың келсе, алакан жайып отура бербестен, күчтөрдү бириктирип, алдыга койгон максатка өз алдынча жетүү керек деген түшүнүк пайда болду.

# Шор-Булак айылындагы АДК: мектептеги балдар таза сууга жетти



## Ысык-Көл облусунун Тоң районундагы Улахол АА

**Кулубек ТУРГАНБАЕВ, Жылдыз КЕРИМОВА,**
“АДК үнү” Долбоорунун адистери

Шор-Булак – тоолордун арасында, Ысык-Көлдүн түштүк жээгинде жайгашкан чакан айыл. Жергиликтүү эл негизинен мал чарбачылыгы менен алектенет. Бул – жалгыз киреше булагы. Айылдын социалдык инфраструктурасы анчалык деле бай эмес – чакан мектеп жана фельдшердик-акушердик пункт бар. Ал эми коммуналдык инфраструктурасы жакынкы убакытка чейин такыр эле начар





болчу – суу да, жарык көчө жарыгы да болгон эмес. Бирок Айылдык ден соолук комитети ишти өз колуна алып, кырдаалды өзгөртүүгө аракет жасады.

Айылдын аймагында жамааттык уюм – Айылдык ден соолук комитети бар. Ал кант диабети, гипертония өңдүү ооруларды алдын алуу, ошондой эле кош бойлуу аялдардын жана жаш энелердин туура тамактануусу өңдүү маселелер боюнча жергиликтүү калк менен он жылдан бери иштешип келет. Негизги иш калкты маалымат менен камсыздоо жана элеттиктердин кан басымын текшерүү менен чектелчү. Бирок Айылдык ден соолук комитети адамдар үчүн көбүрөөк пайда алып келүүнү каалады. Ошентип Айылдык ден соолук комитети "АДК үнү" Долбоорунун өнөктөшү болуп калды.

АДК долбоор уюштурган тренингдердин алкагында Жамаат муктаждыктарын биргелешип аныктоонун техникасын өздөштүрүп, аны өз айылында колдонду. Көптөгөн көйгөйлөрдүн арасынан элеттиктер таза сууга жеткиликтүүлүктүн болбогонун артыкчылыктуу маселе деп аныкташты. Айыл толугу менен сууну жергиликтүү өзөндөн алат. Жергиликтүү орто мектепте да оор кырдаал түзүлгөн. Окуучуларга тамак жасаганга, идиш-аяк, кол жууганга жана башка күнүмдүк иштерге сууну жакын жерде аккан өзөндөн алып келишчү. Мындай кырдаалда жакшы санитардык-гигиеналык абал тууралуу сөз кылуу да мүмкүн эмес болчу.

Бүтүн айыл үчүн таза сууга жеткиликтүүлүккө байланышкан көйгөйдү бир заматта чечүү жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын колунан келген эмес. Долбоордун баасы жергиликтүү бюджеттин мүмкүнчүлүктөрүнөн кыйла ашып кеткен. Бул көйгөйдү тез жана толугу менен чечүү мүмкүн болбогонун түшүнгөн АДК мүчөлөрү жана анын төрайымы Айымкан АБДРАЗАКОВА жергиликтүү мектепти таза суу менен камсыздоо маселесин чечүүнү колго алды. Жардамга Тынчтык корпусунун гранттык программасы келди. АДК Тынчтык корпусунун ыктыярчылары менен элеттеги аялдар үчүн йога боюнча ден соолукту бекемдөөчү көнүгүүлөрдү уюштурган эле. Гранттык программага катышкандын натыйжасы катары АДК жергиликтүү мектепти суу менен камсыздоо жана окуучулар даараткандан чыккандан кийин жана тамактанардын алдында колун жууй турган жуунгучтар үчүн 5 000 АКШ долларын алды.



АДК күчү менен бир топ иштер жасалды: скважина бургуланып,





трубалар төшөлүп, мектептин ичинде жуунгучтар орнотулду. Донордон алган жардамдан тышкары АДК жергиликтүү жашоочуларды да ишке тартты. Болжолдуу эсептерге караганда, жергиликтүү калктын ыктыярдуу иштеринин эсебинен жүзөгө ашырылган жумуштардын көлөмү 100 000 сомго бааланды. Бул болсо АДК долбоорунун жалпы баасынын үчтөн бир бөлүгүн түзөт.

Ошондой эле ЖМБА-иш-чараларынын алкагында көчө жарыгынын жоктугу да артыкчылыктуу көйгөй болуп аныкталган. Бул маселе бюджеттин дефицитинен улам жаралды. Анткен менен медалдын экинчи бети да бар – буга чейин эч ким жетиштүү демилге көтөрүп чыккан эмес. Бирок көчөнү жарыктандыруу баарына тиешелүү маселе. Анткени ал жок болгондуктан кылмыштуулуктун саны өсүп, кырсыктагандар көбөйүп, тез жардам машинеси керектүү даректи таба албай убара болуп, жолбун иттердин жана чөөлөрдүн адамдарга кол салуусу күчөдү. Шор-Булак айылынын башчысы Жаанбай АБДРАЗАКОВдун башында турган элеттиктер көйгөйдү чечүүгө пландуу киришип, биргелешкен аракеттер планына ылайык иш алып барышты. Башында ЖӨБ органдары көчө чырактарын сатып алууга 200 миң сом бөлдү. Андан кийин айыл башчысы АДК мүчөлөрү менен биргеликте көчө чырактарын сатып алуудан баштап, аларды орнотууга чейин көчөнү жарыктандыруу маселесин чечүү боюнча калган бардык иш-чараларга көзөмөлдү жана аткарылышын өзүнө алышты.

Натыйжада узундугу эки километр болгон борбордук көчөдө көпкө күтүлгөн жарык да пайда болду. Жалпы аракеттер текке кеткен жок. Көчө жарыгын орнотуу боюнча долбоорду биргелешип пландоо жана ишке ашыруу жамаатты, АДКны жана ЖӨБ органдарын бириктирип, өз күчүнө болгон ишенимди пайда кылды. **М**



# "Элдин үнү жана ЖӨБ органдарынын жоопкерчилиги: бюджеттик процесс" ДОЛБООРУНУН ЖАҢЫЛЫКТАРЫ




## Чүйлүктөр артыкчылыктуу долбоорлорду тандап алышты

**Султан МАЙРАМБЕКОВ, Наргиза СЫДЫКОВА,**
ЭҮЖӨБОЖ Долбоорунун адистери


2016-жылдын 1-февралынан 17-февралына чейин Чүй облусунун пилоттук муниципалитеттеринде ЭҮЖӨБОЖ Долбоорунун Чакан гранттар программасына катышуу үчүн артыкчылыктуу долбоорду тандап алуу боюнча жергиликтүү тургундардын чогулуштары өткөрүлдү. Баары болуп 12 чогулушка 1 274 киши катышты, алардын 404ү аялдар болду. Жашоочулардын муниципалитеттердеги коомдук иш-чараларга катышуусу ар кандай болду – 50-80 кишиден 140-190 кишиге чейин. Каржылоо үчүн мааниси жагынан биринчи кезектеги долбоорлорду тандап алуу өңдүү маанилүү маселе боюнча тургундардын чогулушунда аялдар болгону 32% түздү. Муну биринчи кезекте сезондуулук менен түшүндүрсө болот. Анткени кыш мезгилинде элеттиктер салыштырмалуу бош болушат жана айылдын түрдүү иш-чараларына эркектер көбүрөөк катышат. Калган учурларда эркектердин колу бошобой, натыйжада иш-чарага катышкан аялдардын саны көбүрөөк болот. Салыштырып айта турган болсок: 2015-жылдын жай мезгилинде пилоттук муниципалитеттерде элет муктаждыктарын аныктоо боюнча иш-чаралар өткөрүлүп, ага 3320 киши катышса, алардын 51%, же 1692си аялдар болду.

***1-диаграмма. Гендердик алкактан алганда чогулуштун катышуучуларынын курамы***




Буга карабастан алдыда болчу чогулуштар тууралуу калкты маалымдоонун түрдүү усулдары колдонулду: муниципалитеттер чогулуш өтчү күндү,

***2-диаграмма. Муниципалитеттердеги чогулуштардын катышуучуларынын саны***




убактысын жана жерин көрсөткөн кулактандырууларды илишип, долбоорлордун тизмеси жазылган чакыруу баракчаларын таратып чыгышты. Бирок аялдар чогулушка аз катышты, бул болсо аялдардын айылдын коомдук турмушуна жигердүү катышуусу көйгөйлүү маселе экенин көрсөтүүдө. Ошондуктан сезонго карабастан аялдарды активдештирүү боюнча белгилүү бир чараларды көрүү зарыл.


Айылдын маанилүү коомдук иш-чараларында жергиликтүү кеңештердин депутаттарынын түрдүү катышуусун белгилей кетүү керек. Статистика көрсөткөндөй, маселелерди жеринде чечүү үчүн шайланган эл өкүлдөрү бардык эле муниципалитеттерде жигердүү катышпайт жана жергиликтүү кеңештердин депутаттары катары өз функциялары менен ыйгарым укуктарын аткара бербейт. Бирок ар кайсы муниципалитетте жагдай ар башка. Демилгелүү топтордун лидерлери же мүчөлөрү болуп калган депутаттар да бар. Алар долбоордук өтүнмөнү жазууга жардам берип, артыкчылыктуу долбоорлорду чогулуштарда коргошот. Чогулуштарга катышпаган депутаттарда долбоорлор менен жергиликтүү кеңештердин сессияларында таанышуу мүмкүнчүлүгү болот. Алар долбоорду кошо каржылоо үчүн жергиликтүү бюджеттен каражат бөлүп, чогулушта тандалып алынган артыкчылыктуу долбоорду бекитип бериш керек.

Таш-Мойнок айылдык кеңешинин депутаты МОМУНКУЛОВ Т.: "Биздин спорт аянтчасы боюнча долбоорубуз көбүрөөк добуш алалбай калганы өкүнүчтүү. Бирок эми менде долбоор менен иштөө жаатында тажрыйбам бар, мен бала бакчалар долбоору боюнча грантка өтүнмө жазууга жардам берем".

Чогулушка даярдык көрүүгө ар бир муниципалитет ар башкача мамиле жасады: кимдир бирөө аны кезектеги жумушчу иш-чара катары өткөрүп койсо, айрым муниципалитеттер бул окуяны майрамга айландырып жиберишти. Алар залды жасалгалап, мектеп окуучуларынын күчү менен концерттик программаны даярдашты. Айрым муниципалитеттерде кошуна айыл өкмөттөрдүн өкүлдөрү катышты. Сокулук районунун Гавриловка айыл өкмөтүнүн юристи КУЛУБЕКОВ Т. Кызыл-Туу айылдык аймагындагы чогулушка катышкандан кийин буларды айтты: "Кызылтуулуктардан коомдук иш-чараларды уюштуруу жана өткөрүү жаатында үйрөнчү нерселер көп экен. Алар жумушчу процессти майрамга айландырышты. Мындай иш-чараларга адамдар сөзсүз катышат".

Чогулуштарда демилгелүү топтордун лидерлери ЖМБА-сессиялары (Жамаат муктаждыктарын биргелешип аныктоо) процессинде аныкталган жана БАПка (Биргелешкен аракеттер планына) киргизилген долбоордук идеялары менен тааныштырып, аларды коргошту. Даярдык көрүү процесси оңой болгон жок. Ар бир долбоор

***3-диаграмма. Жергиликтүү кеңештердин чогулуштарга катышуусу***




үчүн ДКС (долбоордун кыскача сүрөттөлүшү) иштеп чыгып, презентациялык материал даярдап, аны менен тааныштырып, коргоп бериш керек эле. Өз презентацияларында баяндамачылар айылдагы көйгөйлөр, анын пайда болуу себептери жана кесептери тууралуу айтып келип, эгерде бул маселе азыр чечилбесе, эмне болоорун түшүндүрүп берип, далил катары фотоматериалдарды көрсөтүштү. Демилгелүү топтордун бардык эле лидерлеринде презентация жасоо көндүмдөрү болгон жок. Алардын арасында биринчи жолу көпчүлүк эл алдында сүйлөгөн жергиликтүү жамааттын мүчөлөрү да болду. Бирок катуу даярдык аларга ишеним берип, бардык презентациялар жана долбоорлорду коргоо иши ийгиликтүү өттү.

Пилоттук муниципалитеттер долбоорду ишке ашыруунун алкагында массалык коомдук иш-чараларды биринчи жолу өткөрүп жаткан жок. Ушундан улам өткөрүлгөн иш-чаралардын сапаты барган сайын жакшырып келатканын белгилей кетүү зарыл. Катышуучуларды каттоодон баштап, алып баруучу, регламентти жүргүзүү жана кармоого чейин баары жакшы жагына өзгөрүүдө. Чогулуштун ар бир катышуучусуна бардык долбоорлордун ДКС көчүрмөлөрү таратылып берилди. Баары болуп 37 долбоордук сунуш берилди.

***4-диаграмма. Чогулушка чыгарылган долбоорлордун темалары (багыттары)***




Долбоорлорду тааныштырып, аларды коргогондон кийин АӨ башчылары сөз сүйлөп, ЭҮЖӨБОЖ Долбоорунун Чакан гранттар программасына долбоорлорду тандап алуунун критерийлерине чогулуштун катышуучуларынын көңүлдөрүн бурушту. Тандалып алынган долбоор 11 критерийге шайкеш келиш керек эле. Добуш берүүнүн алдында айыл өкмөт башчысы долбоорду кошо каржылоо үчүн жергиликтүү бюджетте каражат жетиштүүбү же жокпу деп демилгелүү топтун ар бир долбooруна мүнөздөмө берип чыкты. Конкурстун шарттары боюнча бул сумма долбоордун жалпы баасынан 10% кем болбош керек. Айрым айыл өкмөт башчылары кайсы бир долбоорду сүрөп, чогулуштун катышуучуларына өз пикирин таңуулаган учулар да болду. Мындай болбош керек. Бирок добуш берүүнүн натыйжасында жергиликтүү жамаат АӨ башчысынын пикирин колдобосо, кээ бир жерлерде АӨ башчылардын пикирлери чогулуштун катышуучуларынын пикири менен үндөшүп турду.



Добуш берүүнүн алдында чогулуштун катышуучуларына долбоорлор боюнча өз пикирин айтуу мүмкүнчүлүгү берилди. Алар катышуучуларды өз долбоору үчүн добуш берүүгө үндөшүп, долбоор боюнча түшүндүрмө берип турушту. Аламүдүн районунун Таш-Мойнок айылдык аймагындагы Кой-Таш айылынын пенсионери ИСМАИЛОВ Ж. буларды белгиледи: “Өзүбүз да, биздин таштандыга карата мамилебиз да өзгөрмөйүнчө, эч качан миллион сом биздин таштанды менен байланышкан көйгөйлөрүбүздү чече албайт. Келгиле, өзүбүздөн баштап, жаштар үчүн үлгү бололу. Ошондуктан биздин аймактагы бала бакчаларды колдоо боюнча долбоор үчүн добуш берүүгө чакырам”.

Артыкчылыктуу долбоорду тандап алууда добуш берүүнүн жол-жобосун өзгөчө белгилегибиз келет. Чогулуштун катышуучуларына добуш берүүнүн эки ыкмасы сунушталды: биринчиси – чогулуштун бардык катышуучулары добуш берет. Экинчиси – адилеттик үчүн ар бир айылдан тең сандагы адамдар добуш берет. Анткени муниципалитеттин бардык жашоочуларын камтыган долбоорлор да болду, ошондой эле бир гана айылдын көйгөйүн чечкен долбоорлор да болду. Бардык 12 муниципалитет тең добуш берүүнүн биринчи вариантын тандап алышты – чогулушкан катышкандардын баары добуш бермей болушту. Добуш берүүнүн алдында добуштарды саноо үчүн эсептөө комиссиясынын курамы тандалып алынды. Чогулуштун ар бир катышуучусуна бирден стикер берилип, долбоордун аталышы жазылган плакаттарды илип коюшту. Чогулуштун ар бир катышуучусу долбоордун аталышы жазылган плакатка келип, кайсынысын колдосо, ошого добуш берип, стикерин чаптап жатышты. Добуш берүүнүн бул ыкмасы иш-чаранын ар бир катышуучусунун пикирин эсепке алат. Кызыл-Бирлик айылынын тургуну, пенсионер ЖАЙЧИЕВ А.: “Баары адилет өттү. Чогулуштун чечимине макулмун. Өзүм спорт аянтчасынын курулушу пландалып жаткан Кызыл-Бирлик айылынан болсом да, добушумду бала бакча боюнча добуш үчүн бердим. Анткени биздин аймак үчүн бул долбоор абдан маанилүү болуп турат”.

Белгилей кетчү жагдай, чогулуштун катышуучу-

лары арасында добуш берүүнүн жыйынтыктарына нааразылар да болду. Долбоорлору көпчүлүктүн колдоосуна ээ боло албагандар капа болушту. Артыкчылыктуу долбоорду тандап алуу боюнча добуш берүүнүн жыйынтыктары жарыялангандан кийин айыл өкмөт башчысы тандоодон өтпөй калган долбоорлордун келечеги тууралуу өз пландары менен бөлүштү. Сокулук районунун Кызыл-Туу АӨ башчысы НУРМАМБЕТОВ З. буларды белгиледи: “Бул долбоорлор биздин жашоочуларыбыз үчүн артыкчылыктуу, алар Биргелешкен аракеттер планына кирди. Жыл ичинде биз бул долбоорлорду да чечип, ишке ашырышыбыз керек. Айрымдарын жергиликтүү бюджеттеги каражаттардан каржыласак, бала бакча боюнча долбоорду ишке ашыруу үчүн АРИСтин грантына жана дем берүүчү грант боюнча конкурска өтүнмө жазабыз”.

Ошентип 12 пилоттук муниципалитет финалга чыкты. Бирок алдыда аларды конкурстук тандап алуу күтүүдө...

# Чүй облусунун муниципалитеттеринде 2015-жыл үчүн бюджеттин аткарылышы боюнча коомдук угуулар



**Гуляим ШАМШИДИНОВА, Азамат МАМЫТОВ,**
ЭҮЖӨБОЖ Долбоорунун адистери

Жыл сайын ЖӨБ органдары жергиликтүү бюджетти түзөт, карайт, бекитет жана аткарат. Жергиликтүү бюджеттин киреше бөлүгү салыктардан жана салыктык эмес төлөмдөрдөн турат. Бул салыктардын жана төлөмдөрдүн төлөөчүсү болуп муниципалитеттердин карапайым жашоочулары эсептелет. КР Конституциясында жарандар республикалык жана жергиликтүү бюджеттерди түзүүгө, ошондой эле бюджеттен иш жүзүндө чыгымдалган каражаттар жөнүндө маалымат алууга укуктуу болгону айтылат (3-глава, 52-берене, 3-п.). “КРдагы бюджеттик укуктун негизги принциптери жөнүндө” КР Мыйзамынын 12-беренесине жана “ЖӨБдүн финансы-экономикалык негиздери жөнүндө” КР Мыйзамынын 13-беренесине ылайык, республикалык жана жергиликтүү бюджеттер жергиликтүү кеңештердин ачык сессияларында жана коомдук угууларда эл алдында жана ачык каралып, бекитилиш керек, т.а., калк сөзсүз катышууга тийиш.

2016-жылдын 6-февралынан 3-мартка чейинки аралыкта Чүй облусунун 12 пилоттук муниципалитетинде 2015-жыл үчүн бюджеттин аткарылышы боюнча коомдук бюджеттик угуулар (КБУ) өттү. Кызы-Туу АА, Грозденка АА, Александровка ААда угуулар Долбоордун гранттык программасына катышуу үчүн долбоорлорду тандап алуу боюнча чогулуштар менен бир күндө өттү. Эмне үчүн эки иш-чара бир күндө өткөрүлдү? Мунун алдында жергиликтүү жамааттын катышуусу менен бир нече коомдук иш-чара өткөн жана ЖӨБ органдарынын жетекчилиги калкты чогулушка кайрадан чогултпоону чечти. Ошондуктан ЖӨБ органдары угууларды чогулуштар менен бириктиришти.

ЭҮЖӨБОЖ Долбоорунун техникалык жардамы

менен коомдук угуулар ийгиликтүү өттү. 12 угууга катышкандардын жалпы саны 1 237 киши болду. Алардын ичинен: 437 аял, 58 АК депутаты, ошондой эле жергиликтүү жамааттын лидерлери, мекемелер менен уюмдардын жетекчилери, карапайым тургундар.

Шаардын же айылдык аймактын бюджети – ЖӨБ органдарынын (мэриянын же АӨнүн) гана иши эмес. Бул ар бир жашоочунун акчасы. Алар таза суу, таштанды, жолдор, жарыктандыруу жана башкалар боюнча кызмат көрсөтүүнүн сапатына байланыштуу түрдүү көйгөйлөр эмне себептен чыгып жатканын, финансы каражаттары туура бөлүштүрүлүп жатабы же жокпу дегенди билүүгө укугу бар. Калк ЖӨБ органдары менен биргеликте бул көйгөйлөрдү талкуулоо жолу менен чогуу чечкени коомдук угуулардын практикалык маңызын түзөт. Бул болсо дайыма эле жетишсиз болгон каражаттарды чыгымдоонун натыйжалуулугун жогорулатуу аркылуу башкаруунун сапатын жакшыртууга жардам берет.

**Угууларга ЧЕЙИНКИ маалымат өнөктүгү**

Угууларды өткөрүүдө маанилүү этап – даярдоо процесси. Анткени ар бир ишти же иш-чараны даярдоонун натыйжасынан анын сапаты жана жыйынтыгы көз каранды. Бул өзгөчө чогулуштар, коомдук угуулар жана курултайлар өңдүү коомдук иш-чараларга тиешелүү. Ошондуктан Долбоордун консультанттары 12 пилоттук муниципалитеттеги ЖӨБ органдарынын назарын даярдык көрүүнү уюштуруу процессине жана биринчи кезекте маалымат өнөктүгүнө “ЧЕЙИН” өңдүү маанилүү элементке бурушту. Ар бир пилоттук муниципалитеттин аймагында коомдук жайларда банерлер, жарандык бюджет, пландалган иш-чара тууралуу кыска маалыматты камтыган кулактандыруулар илинди. Ошондой эле депутаттарга, мекемелер менен уюмдардын жетекчилерине, жамаат лидерлерине жана айылдын карапайым тургундарына угууларды өткөрүү эрежелерин жана иш-чаранын программасын камтыган чакыруу барактары таратылып берилди.

**Бюджеттин кыскача сүрөттөлүшү**

“Маалымат өнөктүгүнө “ЧЕЙИН” муниципалитеттер бюджеттин кыскача сүрөттөлүшүн (БКС) даярдап чыгышты. Ал бюджеттик маалыматты калк үчүн жеткиликтүү формада берүүгө арналган. Бул документ киреше булактарын жана бул кирешелер кандайча бөлүштүрүлө турганын (чыгашаларды) сүрөттөйт. Техникалык жардам катары Долбоордун адистери БКСтын макетин иштеп чыгышты. Аны колдонмого алуу менен ЖӨБ органдары өзүнүн бюджетинин кыскача сүрөттөлүшүн даярдай алышты. БКСты даярдоо жергиликтүү бюджеттин деталдуу маалыматтарын талап кылат (бөлүмдөр жана беренелер боюнча). Ошондуктан айрым муниципалитеттердин ФЭБ жетекчилери маалыматты беренелер боюнча деталдуу ачып берүүдөн кыйналышты. Мисалы, “маданият жана спорт” бөлүгүндө майрамдык иш-чараларды уюштурууга кетчү так чыгаша белгисиз. Бюджеттин киреше бөлүгү тууралуу айта турган болсок, финансы кызматкерлери “Таштанды чыгаруу үчүн жыйым” беренеси боюнча калктын канча пайызы акы төлөп, ал эми канчасы төлөбөйт өңдүү жөнөкөй суроолорго жооп бере алган жок. Даярдоо этабынын эффективдүүлүгү мына ушунда

***2015-жыл үчүн бюджеттин аткарылышы боюнча коомдук угуулардын катышуучуларынын саны жана курамы***

| Күнү | Муниципалитеттин аталышы | Району | Катышуучулардын жалпы саны | Анын ичинде: | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | аялдар | АӨ аппараты | АК депутаттары |
| 25.02.2016 | Юрьевка АӨ | Ысык-Ата | 75 | 30 | 4 | 3 |
| 17.02.2016 | Александровка АӨ | Москва | 141 | 38 | 6 | 8 |
| 19.02.2016 | Кемин шаары | Кемин | 92 | 44 | 8 | 4 |
| 25.02.2016 | Фрунзе АӨ | Панфилов | 103 | 28 | 5 | 5 |
| 16.02.2016 | Ак-Башат АӨ | Жайыл | 80 | 21 | 6 | 4 |
| 11.02.2016 | Кочкорбаев АӨ | Ысык-Ата | 65 | 16 | 5 | 8 |
| 17.02.2016 | Кызыл-Туу АӨ | Сокулук | 190 | 39 | 15 | 12 |
| 06.02.2016 | Күн-Туу АӨ | Сокулук | 109 | 21 | 6 | 5 |
| 18.02.2016 | Таш-Мойнок АӨ | Аламүдүн | 85 | 43 | 6 | 3 |
| 17.02.2016 | Грозднеика АӨ | Аламүдүн | 137 | 71 | 10 | 2 |
| 03.03.2016 | Боролдо АӨ | Кемин | 68 | 39 | 6 | 3 |
| 02.03.2016 | Бурана АӨ | Чүй | 92 | 47 | 15 | 1 |
| **БААРЫ:** | | | **1237** | **437** | **92** | **58** |

камтылган: калкка маалымат берээрден мурда ар бир маалыматты анализдеп, иштеп чыгыш керек. Анын үстүнө бул өзгөчө жергиликтүү бюджетке тиешелүү болсо, анда бюджеттин кыскача сүрөттөлүшү реалдуу болуш керек. Антпесе эртеби-кечпи жергиликтүү жамаат ЖӨБ органына ишенбей калат. Бул болсо жамаат ичинде наразылыкты жаратып, терс маанайды пайда кылат. Кызыл-Туу АӨ, Таш-Мойнок АӨ жана Боролдо АӨ өңдүү муниципалитеттерде жарандык бюджетти бюджеттик маалыматты берүү үчүн колдонгон угуулар да өттү.




**Угуулар УЧУРУНДА маалымат өнөктүгү**

Каттоо маалында катышуучуларга 2015-жыл үчүн бардык финансы чыгашалары тууралуу толук маалымат камтылган бюджеттин кыскача сүрөттөлүшү, коомдук угуулардын программасы, сунуштарды жана кошумчаларды жазуу үчүн бланк, калем сап таратылып берилди. Дубалдарга “Токоч” диаграммасы менен баннерлер илинди, ал диаграммада 2015-жыл үчүн бюджеттин киреше жана чыгаша бөлүктөрү пайыздык катышта көрсөтүлгөн. Ошондой эле 2015-жыл үчүн жарандык бюджет жана коомдук бюджеттик угууларды өткөрүүнүн эрежелери берилди.

**Угуулардан КИЙИНКИ маалымат өнөктүгү**

Угуулардан КИЙИНКИ маалымат өнөктүгү да маанилүү этап болуп эсептелет. Мында КБУну өткөргөндөн кийин муниципалитеттер маалымат такталарына КБУнун протоколун, коомдук угуулардын катышуучуларынын суроолоруна жоопторду жана 2015-жыл үчүн бюджеттин аткарылышын бекитүү тууралуу жергиликтүү кеңештин чечимдерин илүү менен иш-чаралардын жыйынтыктарын коомго билдирүүнү пландайт.



Муниципалитет тараптан төмөнкү багыттар боюнча техникалык жардам көрсөтүлдү: ар бир бюджеттик коомдук угуу үчүн зарыл болгон санда бюджеттин кыскача сүрөттөлүшүн жана жарандык бюджеттин көчүрмөлөрү басып чыгарылды, Power Point программасында презентациялар үчүн слайддар даярдалды, коомдук бюджеттик угуда презентация үчүн ноутбук жана проектор берилди, баннерлер жана чакыруу баракталары басып чыгарылды.

# Жамааттын жана жергиликтүү бийликтин биргелешкен аракеттерин пландоо

**Роза СУРАНЧИЕВА, Танат ОСМОНКУЛОВ**,
ЭҮЖӨБОЖ Долбоорунун адистери


Чүй облусунун 12 муниципалитетинде ЭҮЖӨБОЖ долбоору менен кызматташтыктын алкагында биргелешкен аракеттерди пландоонун этабы жыйынтыкталды. Жергиликтүү жамааттын ЖМБА сессияларынын жүрүшүндө аныкталган артыкчылыктуу көйгөйлөрүн чечүү боюнча Биргелешкен аракеттер планы (БАП) анын натыйжасы болуп калды. Пландын өзүнүн да, аны иштеп чыгуу процессинин да өзгөчөлүгү жана баалуулугу – ал ЖӨБ органдарынын жергиликтүү жамаат алдындагы реалдуу отчеттуулугунун, ошондой эле жарандарды чечим кабыл алуу процессине тартуу аспабы болуп калды.

Калктын артыкчылыктуу көйгөйлөрүн чечүүнү пландоо гана эмес, ошондой эле жергиликтүү жамааттын өнүгүүсүн пландоо процессинин негизи катары жергиликтүү жамаат менен ЖӨБ органдарынын биргелешкен аракеттерин пландоону карап чыгуу бул этаптын максаты болуп эсептелет. Жалпысынан жергиликтүү жамааттын өнүгүүсүн пландоо – бул дагы да кеңири процесс. Ал иш жүзүндө түрдүү формада болот – жер участокторун менчиктештирүүнүн жылдык планынан тарта узак мөөнөттүү мезгилге муниципалитеттин социалдык-экономикалык өнүгүүсүнүн стратегиясына чейин.

Максаттуу муниципалитеттерде ЖМБА жыйынтыктарынын негизинде иштелип чыккан Биргелешкен аракеттер планы аймактын үстүдөгү жылга социалдык-экономикалык өнүгүү Планынын бир бөлүгү болуп калды жана муниципалитетти өнүктүрүүнүн стратегияларына шайкеш келди. Ошондой эле БАП айыл өкмөтүнүн адистеринин жеке пландарын жана өнүктүрүү, башкаруу боюнча башка пландарын иштеп чыгуу үчүн негиз болуп калды. Дал ушул документ башкаруу органдарынын ишин пландоодо жергиликтүү жамааттын керектөөлөрүн эсепке алууну камсыздап берди.

12 биргелешкен аракеттер планы “Жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүү боюнча жергиликтүү жамаат менен ЖӨБ органдарынын биргелешкен аракеттерин пландоо” темасына Долбоордун алкагында өткөрүлгөн семинар-тренингдер маалында алынган билимдер менен көндүмдөрдүн натыйжасы болду. Тренингдердин максаттуу аудиториясы ЖӨБ органдарынын жетекчилери, АӨ кызматкерлери, АК депутаттары, жергиликтүү жамааттын өкүлдөрү, анын ичинде демилгелүү топко киргендер болду. Депутаттык корпус тарабынан тренингге катышуунун активдүүлүгү чабал болгонун, бул болсо кийин жалпысынан жергиликтүү кеңештин ишине жана Жарандардын жергиликтүү деңгээлде бюджеттик процесске катышуу моделин жайылтуу боюнча иштерге депутаттарды тартууга таасирин тийгизе турганын белгилей кетүү зарыл.

***1-диаграмма.***
***Тренингдин катышуучуларынын курамы***




Окууга Чүй облусунун бардык элеттик ЖӨБ органдары чакырылды. 12 муниципалитеттен тышкары Чүй облусунун 18 айыл өкмөтүнүн өкүлдөрү да окуудан өттү. Жалпысынан 234 киши окууга катышса, аларды 118и аялдар болду.

Тренингде пландоонун ар кандай түрлөрү, социалдык-экономикалык өнүгүүнү пландоо маселелери талкууланды. Биргелешкен аракеттер планын иштеп чыгуу теориясы жана практикасы, ошондой эле анын коомдук талкуудан өтүүсү, кабыл алуу жана жарыялоо тартиби деталдуу түрдө каралды.

Жергиликтүү жамааттын муктаждыктарын эске алуу менен пландоонун көндүмдөрүн өнүктүрүү үчүн тренинг өзүнө теориялык блокторду жана практикалык көнүгүүлөрдү камтыды. Тренингде реалдуу материалдар жана документтер, анын ичинде ЖМБАнын жыйынтыктары колдонулгандыктан катышуучулар тренерлер менен кошо артыкчылыктуу көйгөйлөрдүн себептерин гана аныктабастан, ошону менен бирге кесепеттерин, айылдагы турмуш шартка мындан ары кандай таасирин тийгизээрин



болжолдоп, ишке ашыруунун ыктымал болгон жолдорун талкуулашты. Мындан тышкары ЖӨБ органдары менен мамлекеттик органдардын, жеринде кызмат көрсөткөн коомдук уюмдардын өз ара аракети; ЖӨБ органдары аларга берилген ыйгарым укуктарды аткарууда каржылоо маселелери да каралды. Маселени чечүү жолдору бир топ кызуу талашка түштү.

Тренингдин көпчүлүк катышуучуларына жергиликтүү тургундардын пландоо процессине катышуу максатын түшүнүү кыйын болду. Анткени ар бир АӨ башчысы жана депутаттар аймактагы көйгөйлөрдү алар гана билет деп ойлошчу. Окуу процессинде гана жарандардын катышуусу көйгөйдү жашоочулардын көзү менен көрүү, ошондой эле бул көйгөйлөрдү калк менен биргеликте чечүү мүмкүнчүлүгүн берээрин түшүнүштү.

Окуунун жыйынтыгында максаттуу муниципалитеттерде АӨ башчыларынын, мэрдин буйругу менен БАПты иштеп чыгуу боюнча жумушчу топтор түзүлдү. Алардын курамына АӨ/мэрия адистери, АК депутаттары жана демилгелүү топтордун лидерлери кирди. Пландоо үчүн жолугушуулардын жана отурумдардын графиги түзүлдү.

Жумушчу топтун мүчөлөрү БАПты даярдоо маалында иш-чараны даярдоого, процесске, ЖӨБ органдары көйгөйдү чечүүнү кантип пландап жатканына өзгөчө көңүл буруп, конкреттүү максаттарды аныктап, алдына милдеттерди коюп, ага жараша жооптуу адамдарды жана тийиштүү мөөнөттөрдү аныктоо менен практикалык иш-чараларды иштеп чыгышты.

Пландын долбоорун даярдагандан кийинки кадам пландын долбоорлорун коомдук талкуу болду. ЖӨБ органдары жашоочулар менен чогулуштарды өткөрүп, жамаатка аракеттер планын тааныштырышты. Бул чогулуштар буга чейинки практикадан кескин айырмаланып турду. Мурда жергиликтүү бийликтин келечекке пландары айыл

| Иш-чаралар | Мөөнөттөрү жана узактыгы | Жооптуулар |
|---|---|---|
| Жумушчу топтун алгачкы отуруму | Жумушчу топ түзүлгөндөн кийин үч күндүн ичинде | АӨ башчысы, жумушчу топтун жетекчиси |
| Блоктор/багыттар боюнча пландоо жолугушуулары (зарыл болгон чакта блоктор/багыттар боюнча 2-3 пландоо жолугушуулары өткөрүлөт) | Жумушчу топтун алгачкы отурумунан кийин беш күндүн ичинде | АӨ башчысы, ЖТ жетекчиси, блоктор/багыттар боюнча жооптуулар |
| АӨнүн ФЭБ адистери БАПты ишке ашырууга жергиликтүү бюджеттен ресурстук камсыздоо боюнча сунуштарды даярдайт | Пландоо жолугушуусунан кийин үч күндүн ичинде | АӨ башчысы, АӨ ФЭБ жетекчиси |
| Кызмат көрсөтүүлөрдү жеткирүүчүлөр (ТСКАКБ, СПА ж.б.) БАПтын тийиштүү бөлүмдөрүн ишке ашырууну ресурстук камсыздоо боюнча сунуштарды даярдашат | Пландоо жолугушуусун өткөргөндөн кийин үч күндүн ичинде | АӨ башчысы, кызмат көрсөтүүлөрдү жеткирүүчүлөр (ТСКАКБ, СПА, уюмдар, мекемелер) |
| БАПтын жалпы долбоорун талкуулоо боюнча жумушчу топтун экинчи отуруму | Соңку пландоо жолугушуусу аяктагандан кийин беш күндүн ичинде | АӨ башчысы, БАП боюнча жумушчу топтун төрагасы |



өкмөт башчынын жасалган иштери тууралуу отчеттору маалында айтылчу жана бул үчүн көп деле убакыт бөлүнчү эмес. Негизинен алар эмне куруш керек же оңдош керек дегендердин тизмеси гана болчу. Жергиликтүү бийлик жашоочуларга аныкталган артыкчылыктуу көйгөйлөрдү чечүү үчүн эмнелер, кайсы жерде, качан жана кантип жасалары тууралуу айтып бергени БАПтардын өзгөчөлүгү болуп калды.

Мисалы, Фрунзе айылдык аймагында Суу пайдалануучулар ассоциациясынын жана ТСКАКБнын ишин жандандыруу боюнча иш-чаралар БАПка кирди. Бул иштер буга чейин жашоочулардын чогулуштарында токтотулган эле. Бирок чогулуштарда БАПты тааныштырып, талкуулоо маалында бул бирикмелердин өкүлдөрү жашоочуларга алардын иши канчалык зарыл болгонун далилдеп бере алышты. Ак-Башат айылдык аймагында таштанды көйгөйүн чечүү үчүн жергиликтүү бийлик ишин этап-этабы менен пландады: атайын техниканы жана таштанды контейнерлерин сатып алуу менен инфраструктураны көбөйтүү, эффективдүү тарифтерди эсептөө жана муниципалдык ишканаларды түзүү. Боролдо айылдык аймагында көп жылдардан бери чечилбей келаткан таза суу маселесин скважиналарды колдонууга берип, жеринде таза суу берчү фильтрлерди орнотуу менен чечүүнү пландашууда. Бурана айылдык аймагында тургундар жамгыр жана кар жааганда суу болбосун деп, жергиликтүү аялдамалардын абалына көңүл бурушту.

Мыйзамдарга ылайык, өнүгүү программаларын өкүлчүлүктүү органдар, т.а., жергиликтүү кеңеш бекитиш керек. Бул тема тренингде өзүнчө сессияда каралган. Практикада туруктуу комиссия БАПтын долбоорун айыл өкмөт башчы документтердин пакетин коштомо кат, анын ичинде чогулуштун протоколу менен кошо бергенден кийин гана карай баштаган. Түрдүү муниципалитеттердин депутаттык корпустарында БАПты кароо жана бекитүү процесси бардык жерде АК регламентинин нормаларына шайкеш болуп, ошол эле маалда ар башка өткөн. Туруктуу комиссиялардын мүчөлөрүнүн чогулуусу кыйын болду: кээ бири өзүнүн негизги ишинен бошой албаса, айрымдары бизнеси менен алек болду, кээ бирөө жөн эле келе албай турганын айтышкан. Жергиликтүү кеңештердин туруктуу комиссияларынын төрагалары өз ишинде тийиштүү бүтүмдү даярдоо менен отурум өткөрүшпөгөнүн айтышты. Бул болсо БАП долбоорун кароо боюнча алардын ишин татаалдаштырды. АК сессияларын мыйзамдардагы талаптарга ылайык уюштуруу жана даярдоо, анын ичинде жергиликтүү жамааттын катышуусу боюнча маалымат өнөктүгүн дярдоо жана өткөрүү, катышуучулардын санына шайкеш келе тургандай жерди даярдоо көпчүлүк максаттуу муниципалитеттер үчүн жаңылык болду. Натыйжада АК сессиялары жакшы уюштурулуп, БАП токтом менен бекитилди. Андан кийин айылдык кеңештин токтому маалымат такталарында жана райондук гезиттерде жайгаштырылды.

БАПты даярдоо процесси жергиликтүү жамааттын жашоочулары жана жергиликтүү бийлик органдары көтөргөн көйгөйлөр боюнча элес ар башка болгонун көрсөттү. Эгерде жашоочулар үчүн таза сууну маал-маалы менен гана алуу, суу түтүк тармактарын күтүүгө кеткен чыгашалар тууралуу маалыматтын жоктугу көйгөй болуп эсептелсе, айыл өкмөтү суу түтүгүнүн ремонтуна каражаттын жоктугу, жашоочулардын таза суу боюнча кызмат көрсөтүү үчүн акыны өз маалында төлөбөгөнү көйгөйгө себепчи деп эсептейт. Балким өнүгүү пландарын пландоого жана аны түзүүгө карата формалдуу мамиленин негизги себеби ушул болушу мүмкүн. Өнүгүү пландарында негизинен эмне жасалыш керектиги чагылдырылат. Бирок ал кантип ишке ашаары, тургундарды тынчсыздандырган көйгөйдү чече турган жыйынтык болобу деген суроолор каралбай калат. Адатта суу түтүк трубаларын алмаштыруу таза сууга жетпей жаткан жашоочулардын көйгөйлөрүн чечүүгө таасирин тийгизеби же жокпу деген маселе талданбайт. ЖӨБ органдары ТСКАКБ башкаруусун жакшыртууга көмөктөшчү иш-чараларды, же алардын ишинин ачык-айкындуулугун жакшыртуу боюнча иштерди пландабайт. Бирок бул иш-чаралар жашоочулардын көйгөйлөрүн чечүүгө түздөн түз таасир тийгизиши мүмкүн.

Мындан тышкары артыкчылыктуу керектөөлөрдү жергиликтүү тургундар көтөрүп чыкканда объекттердин ремонту, коммуналдык кызмат көрсөтүү (көмүр, электр энергиясы, суу менен камсыздоо) өңдүү муниципалдык менчикти башкарууга байланышкан күнүмдүк милдеттенмелерге карабастан ЖӨБ органдары аларды биринчи кезекте чечиш керектигин да эсепке алуу зарыл. Жашоочулардын артыкчылыктуу муктаждыктарын чечүү биринчи кезекте аларда ЖӨБ органдары – бул алардын бийлиги жана бул бийлик үчүн тургундардын пикири маанилүү деген ишенимди пайда кылат. Эгерде ЖӨБ органдары муну эске алса, анда жергиликтүү жамааттын толук колдоосуна ээ болот.

# Улуттук жана жергиликтүү өнүктүрүү программаларынын ортосундагы ажырымды кантип жоюуга болот?

**2016-жылдын 29-февралынан тарта “Жергиликтүү жамааттардын муктаждыктарынын негизинде айылдык аймактардын социалдык-экономикалык өнүгүүсү” аттуу жаңы Долбоор ишке кирди. Аталган Долбоорду Эл аралык кызматташтык боюнча Германия коомунун (GIZ) “Жарандык коомду колдоо фонду” Долбоору каржылоодо. Тендердин жыйынтыгы боюнча, бул Долбоордун аткаруучусу болуп төмөнкүдөй курамдагы уюмдардын консорциуму табылды: Өнүктүрүү саясат институту (Кыргызстан, консорциумдун лидери), Бюджеттик чечимдер институту (Орусия), Өнүгүү демилгелер агенттиги (Кыргызстан).**

**Долбоорду ишке ашыруу мөөнөтү – жети ай, географиясы – Ысык-Көл облусунун Жети-Өгүз району (каржылаган тараптын чечими боюнча, Жети-Өгүз районун башынан техникалык тапшырма менен аныкталган Жалал-Абад облусунун Сузак району алмаштырды).**

**Долбоор пилоттук мүнөзгө гана ээ жана көйгөйдү жергиликтүү өнүгүү пландарын улуттук программалар менен айкалыштырып чечүүнүн варианттарын сунуштоо, ошондой эле улуттук саясатта жергиликтүү жамааттардын кызыкчылыктарынын эске алынуусун камсыздоо анын негизги максаты болуп эсептелет.**

**Андан ары моделдин сүрөттөлүшү, долбоордун алкагында изилдене турган колдонуу мүмкүнчүлүктөрү келтирилет. Моделди бир эле маалда башкаруу органдарынын ишинин бардык түрлөрүнө карата изилдөө мүмкүн болбогондуктан пилоттук этапта изилдөө үчүн беш багытты тандап алуу чечими кабыл алынган. Ишмердиктин бул түрлөрүнүн катарына төмөнкүлөр кирди: капиталдык салымдар, жарым станционардык социалдык кызмат көрсөтүүлөр, коомдук иштер, жарандык абалдын актыларын каттоо, саламаттык сактоо (конкреттүү көйгөй же кызмат көрсөтүү үчүн кысылган). Бул чечим 2016-жылдын 10-11-март күндөрү өткөн пландоо семинарында эксперттик команданын, чакырылган адистердин жана долбоордун координациялык кеңешинин катышуусу менен кабыл алынган. Координациялык кеңешке мамлекет тарапта Экономика министрлиги жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери жана этностор аралык мамилелер боюнча мамлекеттик агенттик кирет.**

Бардык деңгээлдерде пландоо процессин өркүндөтүү зарылчылыгы Кыргыз Республикасынын башкаруу системасындагы олуттуу ажырымдардан улам пайда болду. Өлкөдө ЖӨБ органдарынын жана жергиликтүү жамааттын күчү менен өнүгүүнү пландоону биргелешип уюштуруу боюнча олуттуу тажрыйбасы жана практикасы болгонуна карабастан бул көйгөйлөр кала берүүдө. Айылдык аймактардын жана шаарлардын деңгээлинде жарандардын катышуусунун негизинде биргелешкен аракеттер планы[1], өнүгүүнүн инвестициялык пландары[2], социалдык-экономикалык өнүгүү программалары[3] жана башка документтер иштелип чыгууда. Аларда калктын кызыкчылыктары жана ЖӨБ органдарынын мүмкүнчүлүктөрү эсепке алынат. Эрежеге ылайык, ЖӨБ органдарынын ыйгарым укуктары жергиликтүү маанидеги маселелердин тизмеги жана мамлекеттик органдар тарабынан берилген айрым ыйгарым укуктар менен чектелүү болгондуктан жогоруда аталган бардык программаларды ишке ашыруу оор болууда[4].

Ошону менен бирге ар бир элет же шаар тургунуна кызмат көрсөтүүлөр мамлекеттик органдар

---

[1] Мисалы, Швейцария Өкмөтү каржылаган жана ӨСИ ишке ашырган “Элдин үнү жана ЖӨБ органдарынын жоопкерчилиги: бюджеттик процесс” Долбоорунун алкагында.
[2] Мисалы, АРИС ишке ашырган Элеттик инвестициялар долбоорунун алкагында.
[3] Мисалы, Нарын жана Ош облустарындагы Ага-Хан Фондунун программаларынын алкагында.
[4] “Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамы.

менен ЖӨБ органдары ортосундагы ыйгарым укуктарга бөлүнбөстөн жеткирилиши маанилүү. Жарандар жана жалпысынан жергиликтүү жамааттар билим берүү, саламаттык сактоо, социалдык жактан камсыздоо, инфраструктура, маданият, спорт ж.б. чөйрөлөрдөгү маселелердин чечилишине жана кызмат көрсөтүүлөргө муктаж болуп келишет. Бул муктаждыктарды мамлекеттик органдар мамлекеттик программаларды иштеп чыгууга жана ишке ашырууга кошуу менен, өз ишин пландоодо жана жүзөгө ашырууда эске алганы маанилүү. Анткен менен ушул тапта мамлекеттик программалар калк жана анын керектөөлөрү менен тыгыз байланышта болбостон эле пландалып келүүдө.

Мындан тышкары адамдын турмуш шарттарына тикелей таасир тийгизүүгө багытталган колдонуудагы мамлекеттик программаларда, анын ичинде мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүүлөргө байланышкан программаларда, ошондой эле айрым тармактарды, мисалы, айыл чарбасын өнүктүрүү программаларында жана алардын катардагы жарандын, же кызмат көрсөтүүнүн керектөөчүсүнүн муктаждыктары менен айкалышуусу жагынан алып караганда көйгөйлөр бар экени маалым. Бир кыйла мамлекеттик программалар "кабар берүүчү" гана мүнөзгө ээ, аларда өнүгүүнүн белгилүү бир индикаторлору көрсөтүлгөн. Бирок аларда шаардын же айылдын деңгээлине чейин ишке ашыруунун деталдуу механизмдери жазылган эмес. Эрежеге ылайык, мындай программалардын аткарылышы административдик жол менен гана мэриянын же айыл өкмөтүнүн деңгээлине чейин "жогорудан төмөн карай" пландалат. Мында ЖӨБ органдарынын мүмкүнчүлүктөрү эсепке алынбайт, алардын башкаруучулук дараметине жана жер-жерлердеги социалдык капиталга баа берилбей калат. Тармактык, регионалдык программаларды ишке ашырууга карата мындай формалдуу мамиле жарандардын турмуш шартын чындап жакшыртууга багытталбастан, бийликтин жасаган иш-аракеттерине калктын көңүл калуусуна себепчи болуп, бийлик менен жарандардын ортосундагы ишеним деңгээлин азайтат.

Мамлекеттик органдар кызмат көрсөтүү боюнча соңку функцияны өзүндө калтырып (эрежеге ылайык, финансыны бөлүштүрүүгө байланышкан функция), ЖӨБ органдарына бул функцияны аткаруу боюнча өзгөчө оор милдетти берип койгон практика кеңири жайылган. Жоопкерчиликтердин деңгээли ортосундагы ажырым пайда болуп, бул жаңжалды жана калктын нааразылыгын жаратууда. Мисалы, социалдык жөлөкпул берүү функциясын мамлекеттик орган жүзөгө ашырса, жөлөкпул алчу жарандардын тизмесин ЖӨБ органы түзөт. Ушуну менен бирге ЖӨБ органы калктын аярлуу катмарларынын тизмесин түзүүдө методикаларды колдонот. Бирок бул методикалар чындап эле жөлөкпулга муктаж жарандарды аныктоо мүмкүнчүлүгүн толук бербейт. Экинчи жагынан алар жөлөкпул алчулардын ыктымал санын жөнгө салган мамлекеттик органдын башкаруусунда болушат. Мындай шарттарда жарандардын эң көп наразы пикирлерин жөлөкпул берүү үчүн жооптуу болбогон, бирок ага муктаждарды тандап алууда чоң жоопкерчиликти алган ЖӨБ органдары угат. Мисалы, жумушсуз жарандарды аныктоонун, каттоого алуунун, жөлөкпул берүүнүн колдонуудагы методологиясы жумушсуздуктун деңгээлинин чыныгы абалын чагылдырбайт. 2014-жылдын жыйынтыгы боюнча, Кыргыз Республикасында катталган жумушсуздуктун саны 8,4% түзгөн. Бул болсо албетте чыныгы кырдаалга шайкеш келбейт. Ушуну менен бирге биринчи жарым жылдыкта жумуш издеп 88,4 миң киши кайрылган, жумушсуз катары 58,5 миң киши каттоого турган, ал эми жөлөкпулду өлкө боюнча 820 киши гана алат[1]. Жалал-Абад облусунда жөлөкпул алган жумушсуздардын жалпы саны болгону 19 кишини түзөт. Жумушсуздарды социалдык жөлөкпул менен колдоо боюнча мамлекеттик программа иш жүзүндө иштебей келет. Башкача айтканда, мамлекеттик органдын аракеттери жарандардын чыныгы керектөөлөрүнө коошпойт, бирок бул чыныгы керектөөлөр ЖӨБ деңгээлинде жакшы көрүнүп турат. Коомдук иштер аркылуу убактылуу жумуштуулукту камсыздоо практикасы да жумушсуздардын керектөөлөрүнө да, ЖӨБ органдарынын коомдук иштерге болгон керектөөлөрүнө толук кандуу байланган эмес. Эрежеге ылайык, бул практика көбүрөөк район борборлорунда жана шаарларда жайылтылган. Бул болсо бул мамлекеттик программага алыскы айыл өкмөттөрдүн жашоочуларын кошуу мүмкүнчүлүгүн жокко чыгарат. Башка бир мисал – оорулууларды жана карыларды баккан медайымдарды мамлекеттик орган калктын иш жүзүндөгү керектөөлөрүн, медайым менен бейтап ортосундагы жеке өз ара мамилелердин өзгөчөлүктөрүн эсепке албастан эле тандайт жана дайындайт.

Капиталдык курулуш боюнча мамлекеттик программа жарандардын социалдык инфраструктурага жеткиликтүүлүгүн жогорулатууга олуттуу таасир тийгизет. Бул программа республикалык бюджеттен каржыланат жана мектептердин, бала бакчалардын, ооруканалардын, маданият үйлөрүнүн, жолдордун ж.б. курулушуна жана реконструкциясына багытталган. 2015-жылы бул максаттар үчүн 2,1 млрд. сом каралган[2]. Ошону менен бирге бул мамлекеттик программа жергиликтүү өнүгүү программаларына көп жакшы деле байланган эмес. Эрежеге ылайык, капиталдык курулуш объекттери боюнча сунуштар КР Финансы министрлигине райондун же облустун деңгээлинде тармактык министрликтердин же мамлекеттик администрациялар-

[1] Улуттук статистика комитетинин жана Жаштар иштери боюнча министрликтердин 2014-жыл үчүн берген маалыматтары. Шилтеме: http://vesti.kg/?option=com_k2&view=item&id=29155:v-kyirgyizstane-vyiroslo-kolichestvo-bezrabotnyih-poluchayuschih-posobiya&Itemid=80

[2] 2015-жыл үчүн Жарандык бюджет. КР Финансы министрлиги. Шилтеме: http://www.open.kg/about-kyrgyzstan/kyrgyz-economy/finance/1079-grazhdanskiy-byudzhet-kyrgyzskoy-respubliki-na-2015-god.html

дын атынан багытталат. Жарандардын артыкчылыктары жана керектөөлөрү тууралуу маалыматтар министрликтерде жана ведомстволордо жок, ал эми ЖӨБ органдарында гана болсо да бара-бара жоголуп кетүүдө.

Жогоруда айтылгандарды корутундулап, пландоо системасында төмөнкү факторлорго байланышкан олуттуу ажырымдар болгонун белгилей кетүү зарыл: жарандардын керектөөлөрү ортосунда байланыш жок, ошол керектөөлөр жергиликтүү жана мамлекеттик (тармактык, региондук) өнүгүү программаларында көрсөтүлбөй жатат; 2) мамлекеттик программаларды шаардын, айылдын деңгээлинде, тагыраак айтканда кызмат көрсөтүүнүн керектөөчүсү болуп саналган жарандын деңгээлинде аткаруунун механизмдери жана аспаптары жетишсиз. Учурдагы региондук башкаруу деңгээлдери (район, облус) жарандардын суроо-талаптарынын аккумулятору, ошондой эле жергиликтүү деңгээлде мамлекеттик программаларды ишке ашырган координатор катары өз ролун аткара албай жатат; 3) бардык жерлерде каржылоо функциясы менен ошол каржылоо таасирин тийгизе турган объекттин ортосунда ажырым байкалууда. Мисалы, жогоруда сөз болгон жумушсуздар, республикалык бюджеттен капиталдык салым объекттери жана башка учурлар.

Бул көйгөйдү чечүү үчүн Консорциум 1-сүрөттө көрсөтүлгөндөй, пландоо жана башкаруу моделдерин түзгөн механизмдерди иштеп чыгууну сунуштайт. Бул моделдин маңызы өлкөлүк артыкчылыктардын айкалышуусунда камтылган. Ал артыкчылыктар мамлекеттик саясатты жана аны ишке ашырууда каржылоону, жергиликтүү жамааттардын артыкчылыктарын аныктайт. Өлкөлүк артыкчылыктар Кыргыз Республикасынын Конституциясы жана башка мыйзамдык актылар менен белгиленген базалык кепилдиктерге жана өлкөдөгү учурдагы кырдаалдын конъюктурасы менен шартталган күнүмдүк артыкчылыктарга бөлүнөт. Өлкөнү башкаруу болсо өкмөттүн программасында жана мамлекеттик өнүгүү программаларында чагылдырылган. Жергиликтүү жамааттардын артыкчылыктуу керектөөлөрүн жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары үзгүлтүксүз негизде жамааттар бири-бирине окшош болбогондуктан ар бир жамаат үчүн өз-өзүнчө аныктайт. Ал эми анын керектөөлөрү шарттардын жана жамааттын структурасынын өзгөрүүсүнө ылайык алмашып турат. ЖӨБ органдарынын жергиликтүү жамааттын мамлекеттик маанидеги маселелер боюнча муктаждыктарын аныктоосу берилген мамлекеттик ыйгарым укуктардын шарттарында жүзөгө ашыш керек.

Бул моделди ишке ашырган учурда пландоо жана башкаруунун түрдүү деңгээлдеринде пландарды айкалыштыруу процессинде жергиликтүү өз алдынча башкаруунун ролу азыркыга караганда бир кыйла маанилүү болуш керек. Ушул тапта ЖӨБ органдары жергиликтүү маанидеги маселелердин чөйрөсү менен аныкталган тапшырмаларды гана пландап, аткарышууда. Жарандардын калган керектөөлөрүн ала турган болсок, алар болгону мамлекеттик органдар үчүн маалымат булагына гана айланып калды. Бирок бул маалыматтын сапаты өтө төмөн бойдон кала берүүдө. Себеби бул маалыматты пландоо процессинде ЖӨБ органдары эч кандай жоопкерчилик алышпайт. Жөнөкөй тил менен айтканда, ЖӨБ органдары бир нерселерди эсептеп, “жогору жакка” өткөрүп беришет, бирок “жогору жактан” түшкөн реакция үчүн жооп беришпейт. Бул болсо ЖӨБ органдары маалыматтарды, артыкчылыктарды түрдүү себептерден улам, анын ичинде айрым кызмат адамдарынын же мамлекеттик органдардын конъюктуралык кызыкчылыктарын эске алуу менен бурмалоого алып келиши мүмкүн. Иш башкача нукта өнүгүш керек: жарандардын керектөөлөрү тууралуу маалыматтарды чогултуп, талдоодо ЖӨБ органдары ошол керектөөлөрдү канааттандыруу үчүн мамлекеттик органдар менен кошо жоопкерчиликти тең бөлүшүүгө тийиш. Бул болсо мамлекеттик программаларды ишке ашыруу бөлүгүндөгү ыйгарым укуктарды, ошону менен бирге аларды аткаруу үчүн финансы каражаттарын ЖӨБго чындап өткөрүп бермейинче мүмкүн болбойт. Ушуну менен бирге ЖӨБ органдары жергиликтүү жамааттын кызыкчылыктарын түздөн-түз көздөө менен башкаруунун түрдүү деңгээлдеринде ошол кызыкчылыктарды коргоочунун ролун аткарууга тийиш. Мындай иш-аракеттерди ЖӨБ органдары түз, ошондой эле ЖӨБ ассоциациялары, ЖӨБ Союзу, ЖӨБЭММА жана башкалар менен өнөктөштүктө жүзөгө ашыра алат.

Сунушталган модель пландоо үчүн маалыматтын эки “тосмо агымына” негизделет. Биринчи агым – бул мамлекеттик тармактык, улуттук программалардын учурдагы артыкчылыктары. Алар жалпысынан адамдын турмуш тиричилик чөйрөсүнүн өнүгүүсүнүн керектөөлөрү менен аныкталган жана аларга байланыштуу чечимдерди кайсы жамааттын кызыкчылыгында түзүлсө, ошого жеткириш керек. Модель жергиликтүү деңгээлде мамлекеттик программалардан турган белгилүү бир тапшырмаларды ишке ашыруунун механизмдерин иштеп чыгууну караштырат. Экинчи агым – бул жергиликтүү жамааттардын демилгелери. Алар ЖӨБ органдары, мамлекеттик органдардын аймактык бөлүмдөрү аркылуу тармактык мамлекеттик жана улуттук өнүгүү программаларында чагылдырылат. Мындай түрдөгү демилгелер талкуунун белгилүү бир этаптарын өтүп, макулдашылгандан кийин жүйөлүү өтүнмөлөргө айланат. Мамлекеттик органдар аларга тиешелүү материалдык жана методикалык ресурстарды берип, өздөрүнүн өнүгүү программасына кошуу менен жооп берет.

Модель бул өтүнмөлөр мамлекеттик органдар тарабынан конкреттүү иш-аракеттер түрүндө, же ЖӨБ органдарына ошол суроо-талаптарды канааттандыруу боюнча ыйгарым укуктарды берүү аркылуу “кайтып келээрин” караштырат.

Жергиликтүү жамааттын жана ЖӨБ органдарынын материалдык жана методологиялык жактан

колдоого алынган өтүнмөлөрү муниципалитеттин социалдык-экономикалык өнүгүү программаларынын бир бөлүгү болуп калат. Анда ишке ашыруунун механизмдери, аспаптары, ошондой эле каржылоо булактары жана көлөмдөрү көрсөтүлөт.

Бул моделди пландоонун борбордук аспабы болуп жергиликтүү өз алдынча башкаруунун социалдык-экономикалык өнүгүү планы (СЭӨП) эсептелет. Аталган план – ушул тапта ченемдик базада бар болгон документ. Анткен менен сунушталган модель олуттуу өзгөрүүлөрдү да караштырат. Пландын тематикалык түзүмү жалпысынан мурдагыдай эле кала берет (экономика, социалдык чөйрө). Негизги өзгөрүүлөр – план жергиликтүү жана республикалык бюджеттерден каржылана турган үч операциялык бөлүктөн турат.

СЭӨПнын биринчи бөлүгү өзүнө ЖӨБдүн ыйгарым укуктарынын алкагындагы демилгелерди камтыйт жана толугу менен жергиликтүү бюджеттен каржыланат.

Экинчи бөлүгү мамлекеттик органдар тарабынан жарандарга берилиш керек болгон кызмат көрсөтүүлөрдү жана айрым милдеттерди камтыйт. Бул милдеттердин жана кызмат көрсөтүүлөрдүн тизмеги мамлекеттик органдар менен ЖӨБ органдары ортосундагы өз ара өнөктөш мамилелердин алкагында бекитилет. Ал болсо мыйзамдар менен бекитилген ЖӨБ органдарына мамлекеттик ыйгарым укуктарды берүү механизми аркылуу ар бир конкреттүү кырдаал үчүн ишке ашат. Пилоттук Долбоордун алкагында айрым маселелерге карата ыйгарым укуктарды берүү механизмин сынап көрүү сунушталат. Тандап алуу процесси болсо кийинки бөлүмдөрдө сүрөттөлгөн. СЭӨПнын бул бөлүгүн түзүүдө ЖӨБ органы жергиликтүү жамааттын аныкталган керектөөлөрүн гана эмес, жогоруда сөз болгон өлкөлүк артыкчылыктарды да эсепке алат. Бул өлкөлүк артыкчылыктар тууралуу маалыматты, ошондой эле каржылоонун ыктымал жеткиликтүү көлөмү, анын ичинде берилген ыйгарым укуктарды аткаруунун эсептик баасын ЖӨБ органдары башкаруунун райондук деңгээлинен – жергиликтүү мамлекеттик администрациядан жана министрликтер менен ведомстволордун аймактык бөлүмдөрүнөн алат.

Андан кийин ЖӨБ органы СЭӨ планына таянуу менен мамлекеттик органдардын аймактык бөлүмдөрүнүн дарегине өтүнмөнү даярдайт. Бул өтүнмө тигил же бул кызмат көрсөтүүнүн алуучулары тууралуу маалымат түрүндө болот жана каржылоонун тиешелүү көлөмү үчүн зарыл (бул көлөм мамлекеттик органдардан алынган чыкма маалыматтардын базасында эсептелет). Мисалы, жумушсуздук боюнча жөлөкпулга карата өтүнмө Эмгек жана социалдык өнүгүү министрлигинин аймактык бөлүмүнүн дарегине жиберилет. Капиталдык салымдарды каржылоонун зарыл болгон көлөмүнө карата өтүнмө жергиликтүү мамлекеттик администрацияга караштуу комиссиянын дарегине жиберилет. Ал эми мамлекеттик ветеринардык кызмат көрсөтүүлөргө болгон керектөөгө карата өтүнмө Айыл чарба министрлигинин аймактык бөлүмүнүн дарегине жолдонот. Мамлекеттен тигил же бул берилген функцияларды, анын ичинде кызмат көрсөтүүлөр боюнча функцияларды аткаруу үчүн каржылоонун зарыл болгон жүйөлүү көлөмүн алуу ЖӨБ органдары үчүн өтүнмөнүн (суроо-талаптын) натыйжасы болот.

Айрым жамааттардын алкагынан чыккан капиталдык салымдарга жана башка ишмердикке карата өтүнмө башкаруунун мамлекеттик деңгээли үчүн пландоочу маалымат мүнөзүндө болот. Райондук деңгээлде диалог аянтчасын түзүү болсо жамааттын аныкталган артыкчылыктарын жалпысынан райондун артыкчылыктары, тармактык программалардын артыкчылыктары менен салыштырууга жардам берет. Андан кийин жергиликтүү мамлекеттик администрациянын атынан өзүнчө муниципалитеттин демилгеси катары эмес, районду өнүктүрүү үчүн жүйөлүү жана реалдуу артыкчылыктар катары улуттук деңгээлге өткөрүлүп берилет. Бул маалыматка таянуу менен мамлекет райондор ортосунда ресурстарды бөлүштүрүү тууралуу чечим кабыл ала баштайт (мисалы, дем берүүчү гранттарга же айыл чарбасын колдоо боюнча программаларга карата).

Улуттук деңгээлде ведомстволор өз программаларын өкмөттүн артыкчылыктарына, өлкөнүн стратегиялык документтерине, ошондой эле муниципалитеттерден түшкөн суроо-талаптар аркылуу алынган жыйынтыкталган маалыматтарга таянып түзүшөт. Андан кийин ар бир ведомство ошол өтүнмөлөрдү кантип каржылай турганын чечет. Бул жерде эки негизги вариант мүмкүн: же суроо, маселе же кызмат көрсөтүү ведомство жана анын аймактык бөлүмдөрү аркылуу чечилип, республикалык бюджеттен каржыланат (ошону менен бирге СЭӨ планындагы маселе мамлекет өзүнө алган маселе катары каралат). Же болбосо тийиштүү мыйзамдарда каралгандай, мамлекеттик ыйгарым укуктарды ЖӨБ органдарына берүү механизми ишке кирет. Консорциум саламаттык сактоо жана билим берүү (мектепке чейинки билим берүүдөн башка) маселелерин кошпогондо, көптөгөн социалдык маселелерди ЖӨБ органдарына өткөрүп берүү керек деп эсептейт. Ошондой эле жергиликтүү маанидеги объекттердин капиталдык курулушу жана экономиканын тармактарын, мисалы, туризмди, айыл чарбасын өнүктүрүү боюнча кээ бир маселелер боюнча ыйгарым укуктарды ЖӨБ органдарына берүү мүмкүнчүлүгүн караштырып көрүү керек.

Функцияларга жана кызмат көрсөтүүлөргө мониторинг жана баалоо жүргүзүү системасын түптөө бул моделдин маанилүү элементи болуп эсептелет. Ага жергиликтүү жамааттар да, мамлекеттик жана муниципалдык башкаруу органдары да кошулуш керек.

"Жергиликтүү жамааттын муктаждыктарынын негизинде айылдык аймактардын социалдык-экономикалык өнүгүүсү" Долбоорунун алкагында бул модель деталдуу түрдө иштелип чыгып, консультациялык изилдөөлөрдүн предмети болот.